
0079264826934

ДАСТАНБЕК БЕРДИЕВ
МУРЗАПАР ҮСӨН



# КЫЗЫЛ АСКАДА ТЕРМЕЛГЕН АЛТЫН БЕШИКТИН ЭЛИ ЖЕРИ



Б. Бердиев М. Үсөн.

# Кызыл аскада термелген алтын бешиктин эли жери

(көркөм публицисттика)

„Жерди сыйла өскөн өзүң туулуп,
Элди сыйла кыл, эркелеткен жашыңда
Ушул экөөн такыр койбо унутуп,
Канча кыйын иш турса да башыңда."

*Курбаналы Сабыров.*



## КУТ ТҮШКӨН ӨРҮКТҮҮ ӨРӨӨНДӨР, ЖЕ АЛТЫН БЕШИК ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

(ПРОЛОГ ОРДУНА)

**«Өрүктүү өрөөндөрдүн жери катуу, суусу таңкыс болгону менен бул жерлерге киндик каныбыз тамып, алтын бешигинде төрөлгөнбүз. Бул биз үчүн ыйык жерлер, эр азаматтарыбыздын жандай көргөн мекени. Муну эч нээрсеге алмаштырууга болбойт. Бул жерлерден кеткендер алда качан көчүп, бар-жогуна кайыл боло мекенин жандай сүйгөн ыйманы бийик адамдар гана жашап калышкан».**

Замандаш, өрүктүү өрөөндөргө келгенсизби? Келбесеңиз Лейлектик акын кыз Мадина Тураеванын «жүр эрчишип кетели өрүкзарга» деген ырына, Баткендик белгилүү обончу Апаз Жайнаковдун тумандап гүлдөп, мөндүрөй кыпкызыл болуп төгүлгөн өрүкзар бактарды элестеткен кумарлуу обону ар бир кыргыздын оозунан түшпөй, ал тургай сиз деле ырдап жүргөндүрсүз. Ал эми арзуу менен бир көрүүгө дак калып келгендер даңктуу кандек, касек, мурсанжали, ала гажир, курмайы өрүктөрүнө суктана сугун арта жеп, бечен шириндигине тамшанып кеткендер канча дейсиз.

Кут түшкөн өрүктүү өрөөндөр дегенибиз жок дегенде эшитип деле жүргөндүрсүз Баткен, Лейлек, Кадамжай тараптарды. Мына ушу Каратоо өңүрүн жердеген элде кастарланган ыйык бир нээрсе айтылат. Ал сиз, биз жаткан бешик. Болгондо да арча эмес, алтын. Алтын бешик жөнүндө

Айтор, ушу өрүгүндөй ширин сөздүү, кой оозунан чөп албаган момун, мээримдүү адамдар мекенин араласаңыз адам кадырын, эне улуулугун ушунчалык бийик, кол жеткис ыйык туткан «илгери... илгери...» же Бабыр бабабыздын «алтын бешик тукумдарынан улам айтылып калганбы? Же грек тарыхчысы Потоломейдин аныктамасы боюнча «ички эл» (исседондор) ичкилик кыргыздарда тээ адам атадан бери айтылып келатабы, ким билсин. Заманында «ички эл» не бир каардуу калмак, арап, монгол баскынчыларынын жапырыктарында канчалык чабылып, чачылбасын, ошо бийик жалама аскадагы үңкүрдө душмандардан бекитилген алтын бешик кылымдар бою термелип, барылдап ыйлаган баланын үнү угулуп, кызыл кыргын не замандар өтсө да азырга дейре тукум улап термелгени термелген. Азыр да термелип, ийип турган кайберендин сүтүн балкылдата эмген наристе ушунчалык мемиреп ширин уйкуда жатат дешет.

Бул ошо адамдардын жүрөктө кастарланган эч нээрсеге алмашкыс кымбат нээрсеси: бейпилчилиги, тукум улоосу, таза ниети. Жер бетинде жашап калуунун улуу идеясы ушу аскадагы алтын бешик аркалуу адамзатты түбөлүк жашоо барлыгына ынандырып тургансыйт. Бул караандай элдин бүтүмү. Адам баласынын айтып бүткүс жомогу.

Мурда мен деле «алтын бешик» тоосу биздин Баткенде эле деп жүргөм. Кийин Дастанбек Лейлек тарапта «жалгыз» деп жүргөнүн жашырбады. Андан ары сураштырсак Кадамжайлык таанышы «алтын бешик» бизде эле десе, баарыбызда бар турбайбы деп калды.

Айтор аскадагы термелип турган алтын бешик тукумдары ушу Каратоо өңүрүн Алайдан Бухарга чейин, сыр боюну мекендешкен байыркы элдин урпактары жөнүндө, болгондо да мекенибиздин чолуп уэүмү Баткендин бабагасы байгур эли, кыябасы чөл айастан жери жөнүндө сөз кылууга ыманы-ыкыласыбыз маакул көрдү шекилди. Кут түшкөн өрүктүү өрөөндөр таржымалы эң ириде аскадагы термелген алтын бешиктен башталганына баарыбыз эле ынансак керек. Чынында эле бешиксиз эли, жерди, бу доорлор карыткан жашообузду аслинде элестетүү да мүмкүн эмес. Алтын бешик жөнүндө элде оздон оозго айтылып келинген көп да калган:



«Алтын» бешикти» ыйык тутушкан пухарлар барака-пайиздүү, ырыс-дөөлөттүү, мээр-акыбеттүү келишет».
Бухара медресесинин аалымы Абу Жалалдын айтканы.

«Алтын бешик» мергендердин буту баспаган жалама зоонун боорундагы үңкүрдө термелип, жакындап барган адамга таш кулап турат дешет».

(Элден).

«Төрдө илинүү турган арча бешикте менин жети атам, анан мен, сен торолуп, жакында небире көрсөм ал жатмакчы. Бешиктин алтындыгы мына ушунда, уулум. Биз ушу Каратоону мекендеген «алтын бешиктин» урпактарыбыз».

(Карыпын кеби).

# ӨТМҮШ ЖАҢЫРЫГЫНАН БИЗДИН КҮНДӨРГӨ

## 1. ЭР ЖИГИТТИ ЭНЕ ТӨРӨЙТ, АНЫН МЕКЕНИ ЭЛИ, ЖЕРИ.

«Мекен кадыры андан алыстаганыңда гана билинет. Басып, койнунда жүргөнүңдө бир кара жер, алыстап, биротоло ажыраганыңда бир ууч топурагын алтынга да сатып алалбайсың».

«Бир кем дүйнө жашоодун ооп-кыйыш белестеринде дайыма кездешип турчу нерсе, бирок кыска өмүргө кабылып, көп нээрсени бүтүрө албай кеткенден армандуусу болбос».

«Туурумсун алтын жер,
Тууганыман жакын жер.
Урпак болсом бооруңда,
Урмат берген баркым жер.
Өмүрлөргө көчөт жер,
Баарыбыздан өтөт жер.
Арттырганым дүйнөдөн,
Сөөгүмө сөпөт жер».

«Жер баян».

«Туурумсун алтын жер,
Тууганыман жакын жер.
Урпак болсом боорунда,
Урмат берген баркым жер.

Өмүрлөргө көчөт жер,
Баарыбыздан өтөт жер.
Арттырганым дүйнөдөн,
Сөөгүмө сөпөт жер.»

«Жер баян».

Көөнө тарыхтын көйгөйүн тарткан мына бул тоголок жер, кара жер жылдар, кылымдар, доолор окуяларына күбө боло алп денесин көтөрө тегеренгени тегеренген. Жер планетасынын улуулугу ушунда, аалам галлактикасын акылы менен терметкен адам баласы байырлап жашайт. Адам деген түшүнүктүн өзү эле жер кыртышы дегенди маанилейт эмеспи. Жер денинин ар бир ууч топурагы сөөгү сөпөт болгон адам баласынын акыл-эстүү турпатынан куралган. Жерден жаралып, кайра эле анын бооруна кайтуу менен жер адамды, адам жерди толуктап барат. Жердин дагы бир улуулугу, ыйыктыгы мына ушунда, ар бир адамдын өзүнө энчиленген, киндик кесип, кир төккөн туулган жери болот. Ага өмүр бою тартылып, көзүбүзгө сүртүп кадырлап, кастарлап өтөбүз. Алыска кетсек топурагын жаныбызга түйө кетебиз. Мына ушу көрүнүштүн өзүндө эле не деген философиялык ойлор камтылган. Бул ошо туулган жер менен адамдын ажырагыс бирдигинен жаралган ыйык ишеним. Анткени фарс акыны Омор Хаямдын шеринде «бир ууч топуракта мага окшогон инсандын дени жатат» дегендей, жаныбызга түйө кеткен, маркумдун мүрзөсүнө багыштап салган бир ууч турпакта сөөктөрү сөпөт болгон урпактарыбыздын дени жатат. Айтор, туулган жерге тартылуунун, анда түбөлүк жашап калуунун кудрет сыры мына ушунда бейим. Топурагын жаздана жатуунун насиби ар бир адамга буюрсун экен. Мындан өткөн кымбат нээрсени башына барганда гана сезип, түйбасаң, мекенге болгон арзуу, кусалык, сагыныч ырлары кайдан жаралмак эле «Кыз бала ыргыткан таш» дегенибиз менен алардын деле «төркүнүм» десе көздөрүндө миң талаа жаш, көкүрөктө зилдеген кусалык ырлары жамгырдай төгүлөт. Мекен, эл жер касиетинен айланса болот. Ушунчалык кол жеткис улуулугун, улуктугун



эне, баланын отуз жылдан кийинки күтүлбөгөн таң калыштуу да, кубанычтуу да (согушта дайынсыз жоголгон) жолугушуусунан кийин сезип отурбайбызбы. Ошого күбө болгон адамдардын бардыгы көздөрүнө жаш алып, «табышары табышты, эми коштошоор, ажырашар күн келсе кантишер экен?» дешип, эч бир пенденин башына салбасын тилеп, ажырашуу сааттарында сабылгып ыйлагандар канча болду. Тагдыр, согуштун кесепети эне, баланы эки материкке (Америка, Кыргызстан, болгондо да так эле алтын бешик тукумдары-Баткенден) болуп, эне уулу Сыдыкты өмүр бою күтсө, Сыдык мекенине, эли жерине жетпей бөтөн журтту амалы жок башпаанек тутуп жүрүп, акыры ак эткенде так этип, 1961-жылы кат аркылуу өзүнүн бардыгын билдирип жүрүп, анан 1973-жылы саясий тоскоолдуктарга карабай Бишкекке (мурдагы Фрунзеге) туристтик жолдомо менен келген.

Америкада жашап калган Сыдык аванын ошо Фрунзедеги энеси, туулган, туушкандары менен жолугушуусун көргөн адамдар шу күнгөче унута алышпай «жигиттин эки нээрседен ажырагылык кылбасын экен, эне менен мекенден» дешип, тагдырдын көзгө көрсөтүп койгон сабагынан улам ынанышып «бар, жок дебейли, бөтөн жерлердин жыргалына суктанбайлы, ылайым эле эл, жерден ажырагылык кылбасын экен» деп, ошо Сыдык авабыз жөнүндө сөз боло калганда адамдардын шүгүрчүлүк кебин укчу болдук.

Эне, бала картайышканда жолугушту. Согуш башталганда, анда Турду кемпир да жаш болчу. Уулу Сыдык он алтыга толуп толбогон курагы эле. Бир ишке, бир нээрсе себепчи дегендей кампадагы кокустуктан болгон кандуу окуядан кийин эле аскер комисарятына арызданып барып согушка кетип калган. Ошо ошо болду катаал тагдыр жаш жигитти өңү түшүндө жок жерледи, элдерди гездиртип ошолор менен жашоого мажбурлады. Бирок, жигиттин көкүрөгүндө көксөп сагынганы, унуталбай жүрөгүндө кастарлап жүргөнү эли журту, туулган жери болчу. Ал өмүр бою эңсеп, зарыга күткөн мекенине, энесине эл ортону элүүгө таяганда гана жетпедиби. Өзүнү алдап, сооротуп, союздан туристтеп баргандарга жалдырап жашылдана көздөрүн сатып жүрүп жетпедиби ушу бакытка. Өмүр бою жыйнаган дүйнөсүн жалаң эли жерин, жандай көргөн энесинин дидарын көрүүгө туулган жеринин бир култум тунук суусун ичип, тупурагын көзүнө сүртүп, алтын бешик тоосунун таза абасын жутуп

калууга жумшады, аттиң. Эл катары жашап Айша. Сайтмурат аттуу перзенттерди арттырса да бул дүйнөдөн ага мекенден өткөн кымбат нээрсе жок болчу.

Он күн басса, турса бирге болуп, Фрунзенин бульвар, көчөлөрүндө көтөрүп жүрдү карыган энесин. Мындай бактылуу күндү Сыдык ава өмүр бою күтпөдүбү. Ошононбу элден уялган да жок. Жерге батпас кубанычынан энеси экөөнөн башка эч ким бул шаарда жоктой туюп, жамырап карап калышкан адамдар да көзүнө көрүнбөдү. Эне, бала бир-биринин жылуу дидарларына тойбой, аргасыз ажырашуу минуталары жакындап, көздөн нары кылгысы келбей, көөдөндө эрөпкүгөн жаш тирелип, бакырып ыйлап жүбөрчүдөй «асылым энем, ай, төрүмдө отуруп сый кадырымды көрсөң кана, ал дагы буюрбаптыр. Өлсөң колум менен көмүп, башында «Энем» деп ыйлап турсам кана, ал дагы буюрбаптыр» —деген, жал-жал тиктеп жалдырап узай албаган арман эзип барат.

Эх, өлгөндүн, өчкөндүн дабаасы жок, аргасы жок. А бул тирүү туруп бири-бирине өмүр бою жетпей, картайышканда түш менен түндөй болуп, көз ирмемге гана жолугушкан эне, балада не жазык! Жердин бетин суу каптаганда балапандагынан аргасыз ажыраган эне кушту эске салат, бул амалы жок отурган ашыктай кара кемпир. Бечаранын эне мээрими көзүндө гана жылтырап, күйүт огу тулку боюн калбыр кылып элеп, чачы куудай ак. Дагы эле кайратынан таялек. Чыгаар жаны чыркырап турса да үйрүлө түшүп «балам» деп жалбарып, жоготуп алчудай түш тарабын жүрөкзаадалана жалынычтуу жал-жал карайт. Эне кургур ой! Элжиреп эзилгенге боору катып, жашы кургап калса да кумдай эшилип, өткөн армандуу күндөрдүн эсесин чыгара көз ирмемге болсо да эне болуп отурганычы байкуштун, жөн эле сай сөөгүн сыздайт.

Оо тагдыр, мынча катаалсын мынча таш боорсуң! Же ушу бир кем дүйнөлүгүң менен армандуусуңбу?

Аял затына берилген эне болуунун жүгү канчалык оор, канчалык татаал. Андай боор толготкон жигердүүлүк жанжаныбарлардын энесине да берилген. Алардыкы пендесиникинен да оор, жок дегенде тили болсочу. Түркмөндөрдүн каракул койлору баласынан беш күндүгүндө ажырап, эне болалбаган күйүттөн көпкө жашабайт экендер. Көрбөйсүңбү, болбосо тили заалы жок маклук. Ошолордо да эне болуунун оттой жанган мээрими бар экен го.



жанагы оттогу кейпке: —Эй, адам баласы, тур ордуңдан! Сенин күнү, суун бүткөнү турат. Жаныңды алганы эртең шу маалда дагы келем. Ата-энең, тууган-туушканың, дос-жарың менен коштошуп кал!-деди.

Жигит эңгирей түштү апкаарып.

—Мен өтө эле жашмын го. Он гүлүмдөн бир гүлүм ачыла элек туруп кудай талаага ушунчалык эле керек болуп калдымбы?

......Керек үчүн жөнөттү, жигит. Ченелип берилген күнү суун түгөдү. Эч кимдин сага берер ашыкча жашы жок, сурасаң да бербейт. Бардыгынын эле жашагысы келет.

Ошондо кудай-талаанын үнү көктөн жаңырды: —Пендем, ай, мен деле сенин жаныңды, ченелип-бычылган жаштыгыңды кыйалбай турам. Кантейин, бирөө жарым, жакын адамың жашын тең бөлүшсө кана.

—О жараткан, амир кылың, мага эки күнгө уруксат бериң, жанымды албай туруң? Мага да күйгөн адам чыгаар, ошолордон сурап көрөйүн?-деп, жалбарат.

—Боптур, пендем, айтканыңды орундатайын. Балким сага жашын тең бөлүшөөр адам табылып калаар? Жабрайил, токтот аныңды, кайт азыр, эки күнгө чыда?!

Ошентип жаш жигит түн бою уктай албай, эртеси болгон ишти нанүштөгө отурушканда картайган ата-энесине, сүйгөн жарына, бир тууган уялаштарына айтты. Бардыгы тилден калгандай «эми, кантебиз?» дешкенче үшкүрүнүп отуруп калышты. Бирөө жарымынан «мен бөлүшөм жашымды», же ата-энеси «биз жашаарыбызды жашадык, канча жашыбыз калса ал сен» дешпеди. Түн терметип уйку келбейт, койнунда жаткан асыл жары зор берип ыйлайт, андан башка үн, сөз жок. Таң атып, жигиттин кайтыш болооруна дагы бир күн калды. Бүгүн түнү жабрайил анын жанын алып тынат. Кантиш керек? Кимге айтат дартыны?

Жаныны коёрго жер таппай, көкүрөгү арман толо күйүп барат. Эми ажалды күткөндөн башка арга жок. Сулк жатып калды. Энеси кирип жалбарат, атасы кирип мелтиреп нес басып унчукпайт. Ошондо бир нээрсени ойлоп тапкандай, жинди адамча ордунан үн, сөз жок атып туруп кайдадыр бир жака жөнөп берди. Артынан «балам каяка?» дегендерин да укпады. Тарыныч куйкалап «кимге айтам, кимге барам?» деп буулуп ыйлап барат. «Жашагым келет, жашагым» деп ырдап барат.

Ошо жүрүшүндө коюн-колтукташ, бирин-бири көрбөсө туралбаган досунун эшигинин алдында туруптур. Кантип келип калды, өзү да билбейт. Санаа менен эзилип, көзүнө эч нээрсе көрүнбөптүр. Досу кучак жая тосуп алды. Нес баскан өңдү көргөндө чочуп кетти. «Не болду сага?» дегенче болбой кучагына өзүн таштап буркурап ыйлап жиберди. Көпкө ыйлады. Кантерин билбей эси чыккан досу көкүрөгүнө басып тура берди. Акыры кеп сөзгө келгенде гана досунун аянычтуу тагдырын укту. «Ой, кургур десе, ошо да кеп бекен! Мына мен берем. Кана, качан жолугушабыз жаналгыч менен?»-деди досу тамашага чала сүйлөп.

Ал күнү экөө жатты жанаша, жабирайилди күтүп. Айткандай түн ортосу баягыдай жалын болуп жаналгыч көрүндү.

—Кана жигит, кандай бүтүмдү айтасың?

Ошондо жигиттин досу тайманбай суроо таштайт.

—Эй, жабрайил, кудай талаа мага канча жаш берген, ошону билгим келип турат?

—Аны жаратканымдан өзүң сура.

—Эй, алла-талаа мага канча жаш бердиң?

Көктөн аваз келет.

—Жетимиш жаш ичер суун бар, пендем.

—Ошонун тең жарымын досума бер, мен ыраазы!-дейт жигит.

—Оп, балли! Мен досуңдун жанына күймөкү адамдарынан үмүт кылдым эле. Болду, пендем, кыйбас досчулугуңа ыраазымын! Жан күйөрлүгүң үчүн экөөңө тең бирдей ичер сууңарды көрөр күнүңөрдү кайырдым. Тең көрүп, тең жашагыла, көп жашагыла! Жабрайил кайт!-деген экен.

Карап туруп бу беш күндүк жарыктыктын ушунчалык аздыгыны жүрөктөгү улуу сүйүү менен узартып, достук менен жашоого болгон кумарлануусун арттырып келгенине, жакшыям адам баласына досчулуктун берилип калганы дейсиң. Болбособу...

Тынчтык, эли жерибиздеги бейпилчилик ушу элдердин достугу, жеке адамдардын ашыначылык-достугу аркалуу сакталбаса бу адам дегениң... Чын, элдердин достугунун, бир туугандыгынын бузулбастыгынын мааниси өтө тереңде. Анын опурталдуулугун, кандаш, жандаш элдердин бирибирине азап тозоктуу окуялары жаныбызда, көз алдыбызда эле өтүп жатпайбы. Албетте улуу достукту ыдыратуу ыпы-



жерлигинен түртү көрүнөт, адам баласы чыдап болбойт. Буй түшүп ыйлаган эле адам. «Убалың согушка жетсин!» деген эле адам. Булардын урматына самалёт да бир саатча кармалды. Ажырашуу ушунчалык кыйынга турду. Эне байкуш калтаңдаган башын уулунун көкүрөгүнө коюп, кайра-кайра жытташат. «Аман бол, балам! Эми кайра көрүшөбүзбү жокпу энеңде арман жок! Тирүү көмүп коюша да майли» дейт. «Өзүңө кара, бизди көп ойлоп куса бово, балам?! Тууган жериңдин турпагынан ала келдик, ого сен капа бово, жан бар жерде каза бар дегендей каерде жүрсөң жаздана жатасын. Ылайым көп жаша, балам! Каравлактын суусунан ичиргин, балдарыңа! Өмүрлүү болушсун, көрсөм кана! Көптүн катарында эсен жүрсөңөр болду! Убалыбыз согушка жетсин!» деп божурайт кургур кемпир. Ыйлап жүрүп, күтүп жүрүп жашы да кургап калганбы кылт этип көзүнөн жаш тамбады эненин. Кандай күч барып даап ажыратат эле. Эне, баланы эркине коюшту. Бала энесин туугандарына жетелеп барып калтырды да, узатышкандардын баары менен коштошту. «Энемди этияттап алып кеткиле, Баткенге койвогула!» деп өтүндү туугандарына. Бул сөздүн маанисин сезген сездиби, ким билет «Менин алыста жүргөнүм жетишет. Энемди «Карабулак» деп зарыктырбагыла! Беш күн болсо да элинде, жеринде жашасын» дегени айтпаса да түшүнүктүү.

Кантсе да кыйылып коштошоор жибин үзалбай шылтоо издейт. Бирок кетпешке ылаажы жок эле Сыдык аванын, саясат аңдып турат. Келээри келди го, бирок тууган жерине дагы эле жетпеди. Мына эми Сыдык авада эки мекен жаралды. Бири киндик каны тамган эли жери болсо, экинчиси балдарынын мекени—Америка. Эки ортодо кимисине тартылаарын билбей бирин дейин десе бири-биринен кымбат. Эси-көөнүнөн кеткис күндөрдүн элестери Сыдык аванын көкүрөгүндө биротоло уялады, басса-турса эстечү болду. Балдарына алыскы өлкөдөгү тууган эли, жеринин жомокторун айтып берди. Кемпир болсо уулуну көргөндөн бир ай өтүп-өтпөй кайтыш болду. Эне ошо бактылуу күндөргө, өмүрүн кармап чыдап жашап келгендей эле элес калтырды. Чынында эле бечара энеде арман жок. Бирок...

Кайра эле эртедир, кечтир тууган жерге келүү бактысы Сыдык авага буюрганбы союздун ыдыраар алдында бир келип, кийин акыры бүткүл дүйнөлүк кыргыздардын Бишкекте өткөн курултайына катышып, өмүр бою көздөн учкан айылында эки ай нагыз Карабулактык болуп, айылдын

адамдары менен таанышышып, мейманчылап жүрүп жашады. Сыдык аваны ошондо айылыбыздын мугалимдери мектепке чакырышып, кыргыз бийине тартышып бийлешкени күнү бүгүнкүдөй эсибизде калыптыр. Аттиң, бир кем дүйнө ай! Анда Сыдык авабыз жетимиштен ашып калган болчу. Ушунчалык өзүнү бактылуу сезип, өзүнү ушунчалык эркин кушка теңеп жөн эле баскысы, сүйлөгүсү, күлкүсү келгенин айтпа. Ошол көз ирмем учурларды ал киши байлык-дүйнөгө да алмаштырбас эле. Ал бактысын, көңүл күсөгөн арзуусун тууган эли, жери, мекенинен тапты.

Кайран киши Америкага бир барып кайра биротоло келем дегенче кайтпады. Баргандан бир ай өтпөй кайтыш болуптур. Жүрөк кургур ушунча жылдар чыдап келгенин айт. Жанагы энеси түйүп берген турпагын балдарына керез калтырып, жерленгенде баш жагына койдуртуптур.

Мекен, эл, жер, эне.

Илгери бир алыска турмушка кеткен кызга энеси «сага айтаарым, балам, балалуу болгонуңда бешиктеги баланды алдей айтып терметпегин» деген экен. Кыздын кулагында, көкүрөгүндө ушу калганбы, балдарыны алдей айтпай жүрүп чоңойтот. Бирок, кенже уулу көп ооручу болуп, эч дабаасы болбойт. Ошондо наристенин абалын көргөн табып «көкүрөгүнө басып алдей айтып таптап көрчү, бир оңолсо ошонон шыпаа табат» дейт. Табыптын айтканындай көкүрөгүнө басып алдей айтып, бешике бөлөп алдей айтып отуруп көзүнөн он талаа жаш агып, алыстагы мекенин, эли жерин, энесин эстеп, өзүнү басалбай ыйлаганын өзү да сезбей калат. Көрсө эне кургур «балам баласына алдей айтып отуруп бизди эстеп сагынбасын, ыйлабасын» дегени экен.

Мекен, эл, жер, эне.

Мекенди ушундай адамдардын көзү менен карап, жүрөгү менен сүйсөк кана. Мезгилинде полшалык белгилүү композитор Шопен, эли, жерине жетпей өлөөрүндө «жүрөгүмдү мекениме ала кеткиле» деп керез калтырган. Мына ошо керемет музыкаларды жараткан улуу жүрөк азыр да сакталып турат. Аны жарып көргөн адам болсо улуу музыканттын «мекен» деп өткөн сагыныч арзуусун, кусалыгын, кайгысын айтып бералар беле, ким билет? А эки материкте жашашкан эне, бала Сыдык авам менен Турду кемпирдин жүрөгүн жарып көргөн адам болсочу? Олордун күйүп жүрүп ада



богонун өз көзүбүз менен көрбөдүкпү. Адам адам болуп жаралганынан, жүрөк анын баарын чыдап көтөрүп жүргөнүнөн түтөт экен. Болбосо...

Мекен, эл, жер, эне.

Алтын бешикте төрөлгөн мекен азаматтарынын кырчын өмүрлөрү алаамат согуштун айынан кай жерлерде кыйылбады. Кай жерлерде топурагы торко болуп боордоштор көрүстөндөрүндө жатышат. Дайынсыз жоголуп, Сыдык авага окшогондор канча. Көрөр күнү, ичер суусу бар мекен уулдары өзүнүн тегин, ата журтун унутпай чет жактарда жашап жүрүшөт. Согуштан кайтпаган миңдеген аталарыбыздын, агаларыбыздын жаркын элестери отко айланышкан. Ал ар бир шаар, кыштактардын чок ортосунда түбөлүк элес берип күйүп турат. Ал алтын бешикте төрөлгөн улуу муундагы аталар элеси. Бизге кайрат, дем, шык берип «биз мекен үчүн, ушу силердин жыргал заманыңар үчүн курман болгонбуз, балдарым!» деп турушкансыйт. Алтын бешик тукумдары, Манас, Курманбек баштаган баатырларыбыздын урпактары, бабалары баштаган ыйык жолдо, бул улуу согушта эли, жерине намыс алып кайтышкан. Лейлектин даңктуу уулу Советтер Союзунун баатыры Самат Садыков, Баткендик даңк ордендеринин кавалерлери Дүйшө Акматов, Артык Кубатов жана башка кан жандарын берген азаматтардын жаштарыбызга үлгү болоорлук айтаар кептери али көп, али алдыда. Алардын басып өткөн катаал жолдору өзүнчө эле айтып бүткүс дастан, олчойгон роман.

«Мындай азап-тозоктуу ачарчылыкты, жокчулукту, катаал согушту биз көрдүк, эми силер көрбөгүлө, балдарым!» деген алардагы ак тилек дайыма жүздөрүнөн окулуп турат. Учу кыйры жок кең мекенибиздин (мурдагы союз) чолуп үзүмү болгон Каратоо өңүрү кайгып, ачарчылыктан, жокчулуктан мүңкүрөп «барбызбы, жокпузбу» деген үмүтсүз күндөрдө да аскадагы үңкүрдө термелген алтын бешиктен барылдап ыйлаган баланын үнү угулуп турган. Ошондо карыларыбыз бар жокко топук кылышып, «э, жараткан, тукумубуз үзүлбөйт экен, бей-бечараларга, согуштагы уулдарыбызга жар боло көр!» деп, эртеңки күндөрдөн үмүттөрүн үзүшкөн эмес. Керек экен чал, кемпир, келин-кесек, кыз бала дебей оруктун оор жумуштарын моюндарына алышып, келин-кыздар эркектердин ордун жоктотпой ай талааларда күн түн дебей трактир

айдашып, эгин эгип, түшүм жыйнашты. Мына ошо даңктуу апаларыбыз Барака Эшмурзаева, Сара Абдуллаева, Дүрдана Көкчөева, Арзыгүл Айдарова, Айша Сейтмуратова, Ирсалат Ташполотова, Гүлжан Манасова, Булакат Абдыкадырова, Бакмал Матисаева, Жээнгүл Бактыбаева, Танзила Насырава, Турду Садыкова кадырман карыларыбыздын катарында (айрымдарынын көзөрү өткөн, жаткан жерлери жайлуу болсун) эс алышып, бул күндөр үчүн окопко жатып душманга ок атышпаса да, оруктан туруп алтын бешик тукумдарына, чарчадым чалыктым дебеген эмгектери менен дем, күч болуп бере алышты. Мына ушу апалар тарыхтагы сак элинин курчоодо калган ордону коргоодо сак келин-кыздарынын эркектерден кем калышпаган, жан алып, жан берген айыгышкан катуу салгылашууну эске салат. Мына ошо өткөн доордогу элес кайра эле улуу ата мекендик согушта жогорттогу апаларыбыздын эрдиктери менен урпактарында кайталанды десек аша чапкандык болбос. Бул болгон чындык. Эпостордогу кыз Сайкал, Жаңыл мырзалардын сиңдилери экенин, керек болсо душман менен бетме-бет «айгай» салып чыга тургандыктарына кепил да жок, шек да жок. Бул биздин апалар. Алтын бешикти терметип, алдей айтып бала торолткон апалар.

Мекен, эл, жер, эне.

Аскадагы үңкүрдө бешик термелет «кыйч-куйч.» Эненин алдей айтканы угулгансыйт күңгүрөнгөн кызыл аскадан. Кайберен эне бешиктен кабар алгансып, «ким келатат?» деп кабатырлана карап турат тээ бийикте. Кайдан жайдан мылтык «тарс!» этти. Аскадан таш кетти. Төмөндө таш тийип кызыл чие канга батып бирөө жатты. Душманбы, кыянатчыбы, же алтынын алам деген ачкөзбү, ким болбосун бешиктин ээси жолотподу. Өз убалы өзүнө. Бешик кайра эле термелип жатты. Кызыл аска күңгүрөнүп барып эне дагы алдей айтып ырдагансыды.

Тээ көз жеткис мейкиндиктерде, Каратоо, Актоо арасын мекендешкен алтын бешиктин урпактары жашашат. Пейиштин дүр-дүйнө мөмө-чөмөлөрү мына ушу чөлкөмдөрдө өсүп (Баткен, Лейлек, Кадамжай) жерге сырдаш, мал-жанга ымдаш серасилдүү дыйкандар, салаасынан май агызган чарбадарлар өмүр кечиришип, өткөндөрдөн өрнөк алышып, эртеңкиге белек калтырышып дегендей, мурдагы ың-жыңсыз,



эптеп-септеп бир нээрсени кура коюп жашамай жок. Өткөн Амир Темирдин Самарканды түптөп кылымдарга, доорлорго кала тургандай имараттарды кура алышпаса да, элдин пайгамбар тирилигине кечөөкү алгоо-далгоо заманыбыздын катуу таасири ушунчалык уялтып, жоктун жону катуу деп оозуну ачып, куру алаканын тоскондордун шорун кайнатып, жонунан кайыш тилди эле иштебейт экен а, өзүм дегенде баягы арамыза жалкоолордон өгүздөй күч чыгып, пулду пулга уруштуруп там ташты жарыша оңдомойго өтүштү. Ылайым эле көз тийбесин! Мындай күжүрмөн аракет, кайрат, ар намыс, тырышчаак көктүн алтын бешиктин тукумдарынын тени-дээринде, канында, таги задында бардыгын кечөөкү, бүгүнкү жасап жаткан иштери менен адам баласынын түбөлүктүүлүгүнө, анын артында изи калыш керек экендигин далилдешти. Мурда «базар» деп эптеп-септеп бир коргонду далдалап, көркү, коолдугу менен жумушубуз жок, «Э базар да» деп койчубуз. Эптеп темир-тезек менен дарбаза курумуш болуп, аныбызды эртеси эле машине сүсүп, же араба кыйшайтып ошо ошо бойдон туруп калчу. Көрсө ар бир жасаган ишибиздин түптүү негизи болуп, ошо чөйрөгө жарашкан көрк, коолдугу болуп, айтор, чампалап салчу усталарыбызда деле, заргар, чеберлерибизде деле кылса кыла турган, жасаса боло турган не бир көркөмдүктөр жаткан экен. Азыркы күндөрдө Баткен, Лейлек, Кадамжай базарларын араласаң жөн эле чыгыштын сөөлөтүндө көз тоёт. Бул биздин адамдардын түбөлүктүүлүккө койгон алгачкы кадамы десек болчуай. Эми көрөсүз, биз элестеткен күндөр алыс эмес. Бул чөлкөмдөрдүн учурунда колунан өлгөн адам тирилчү шербет мөмөлөрдү өстүрүшкөн дыйкандар, багбандар чыкса, эми төгөрөктүн төрт бурчунан чебердиктин, усталыктын сырларын үйрөнүү үчүн даңтуу устаздарга шакирттер келе башташат. Буга Баткендеги «Ак өргөө» жашыл базары, «Айдарали» аттуу, «Самаркандек» төрт тараптуу, төрт дарбазалуу базарлары. «Карабак», «Кызылбел», «Бужун» базарларынын соода сатыка ыңгайлашкан көркү эртеңки башка жасала турган иштерибизге далил боло алат. Ошол айыл кыштактардын көркүн ачкан базарлар эми элди кеңири алыс жууктарга чапкылатпай тейлей баштадылар. Эзелтен Паргана өрөөнүн байырлаган өзбек, тажик, кыргыз элдери бир асмандын астында, суулары бир, жолдору бир, дайыма бир-биринин базарларында жолугушуп, соода сатык иштеринде көмөктөш тилектеш

болушуп, ашына-достук байланыштарын ушу ынтымакчылыктын даанакери болгон базар аркалуу байланыш катнаштарын үзбөй келишкен болсо мына эми ошо салт кайрадан ысык жүз көрүшүү маанайында жанданып, өткөн жылдары курулган «Айдарали» «Баткен», «Самаркандек», «Кызылбел» базарлары аталарыбыздын ыйык салттарын кайрадан улантууга өтүштү. Көрсө элдердин достугу, ынтымакчылыгы базардан башталат тура.

Мына ушу базарлар коомчулук тарабынан кызуу колдоого алынып курулганы менен мунун түп жаралышы элдик «ашар» демилгесине негизделет. Ашар демекчи бул Лейлек, Баткен, Кадамжай элдерине мүнөздүү. Ашар демилгеси ушу өрүктүү өрөөндөрдөн башталган. Бул адамдардын көкүрөк дилинен жаралган көптөп көмөлөтчү, колкабыштын ыйман чакырыгы, ар кандай ишти биргелешип туруп ынтымакчылык менен бүткөрчү эч жерде кездешпеген жөрөлгө. Мурда, азыр деле жеке адамдардын маала-маала болуп там салууда, коргон курууда, отун-суу алууда, килем, төшөк даярдоодо, ал тургай колунда жок, каралашары жок жигиттерди ашарлап үйлөп коюу. Бул демилге Кадамжайдагы балдар үйүндөгү салт жөрөлгө баланын сүннөт тоюн ашарлап, көмөктөшүп өткөрүү жагы жылда кайталанчу адатка айланган. Азыр эми ошол салт коомдук жайларды курууда Лейлектик туугандар көтөргөн демилгеси азырга дейре уланып, мына ошонун акыбетин районубуздун эли көрүп, не деген иштер «ашар» ыкмасы менен бүткөрүлдү. Алсак «Кызылбел», «Кызылжол» (Акшалы) каналдарынын курулушу, Бозадыр суу түтүкчөсүнүн жеткирилиши, «Айгулташ—Таян» жолдорунун курулушу, Сок дарыясына салынган көпүрөө.

Демек ашар ыкмасындагы жигердүү аракеттен кызуу каалоо болсо эл өзүнү өзү ар кандай кыйынчылыктан алып чыгып кетсе болот экен деген тыянака келесин. Бул демилгелүү «ашар» салты мугалимдерди, врач-шыпаакерлерди да кучагына алды. Алсак районубуздун борборундагы оорукананын киреберишиндеги комплекстүү курулуш кимдерди гана таңдантпайт. «Эшигиң көрүп төрүнө өт» дегендей ар бир ишкананын, айыл, кыштактын ачылар жүзү болуш керек экен. Районубузда 1141 орундуу алты мектеп курулуштары, айыл-кыштактардагы аксакалдар мечиттери ушу элдик «ашар» жолу менен бүткөрүлүүдө. Жакында районубузда



дагы бир демилгелүү иш өзүнүн ишин «Өрүкзар менин мекеним» аттуу марафон-жарыш менен баштады. Буюрса бул демилгенин жолу уланып районубузда бүтпөй жаткан иштер бүткөрүлмөкчү. Аны элдин каалоосунан түшкөн акча каражат эдин ишке болгон демилгелүүлүгүн ырастап турат.

Буюрса Каратоо өңүрүнүн келечеги кең. Жашыл бактуу мөмө-чөмөгө ыңкыган алтын өрөөндүү Баткенди элестетүү бул ишке ашпаган куру кыял эмес. Көрсө «эл өзүнү өзү багат» деген калыс кеп экен го. «Казанда болсо чөмүчкө илинет» дегендей эл өзүнү көрө билип, андай билип кайрадан жаралуу, өзүнү өзү жаратуу жолуна түштү. «Берсе кудай берет, бербесе өкмөт өзү жасайт, өзү багат» деген мурдакы бужеттик камкордуктарга ишенип отура берүү түшүнүгү азыр адамдарыбызда калбады. Аракет кылып тырмалап, тырбаландап өзүнө өзү жол табуу, шарт түзүү, мурдагы даяр нээрсеге көнгөн адаттан кыйлага арыла алышпай, ошо коммунизм жылдарын эстеп кыйналышты. Көрсө даяр нээрсе адамды жалкоолукка үндөп, ышкы-ыкыластуулуктан, тубаса жөндөмдүүлүктөн ажыратып, даяркордолукка үйрөтөт экен.

Али элде илгери мындай кеп айтылып, кийин жыргал заманда унутулуп калган көрүнөт. «Бечарага бооруң ооруба-сын. Ал өзүнү өзү бечара кылат. Себеби кудай талаа пендесине күндү тегиз бөлүштүргөн иштесин, анан жакшы жашасын» деп. Мына ушу кептин өзүндө эле таамай ой жатат. Демек ар бир адам өзүнө өзү гана жакшы шартты түзгүсү келсе иштесин, жеңил оокатка үйрөнсөң бу дүйнөдөн жалчыбай, жарыбай жүрүп өтөсүң дегени.

Анан эл жердин гүлдөшү ишкер жетекчинин талантына, талыкпас иш аракетине да байланыштуу болот. Аны эл өзү таразалап, назар чотунан өткөрүп, калыс баааларын берип келишет. Элдин сынынан өтүү эр азаматтын келечекке эртеңкисине бут коюусу. Демек элдин өйдөсүнөн чыгуу барынын эле колунан келе бербейт. Андай адамдар чанда кездешип, сейрек учурайт. Жетекчи эл башына келдиби, ал жан сабап иштесе элдин бактысы, жан багып жатса, анда элдин шору. Илгери эл акылдуу, акылсыз хандардын такка отурушун жогорттогудай мүнөздөшчү экен. Анын сыңарындай жакшынын шарапаты эл жердин гүлдөшүнө байланыштуу болуп, элдин баркын, наркын ошол азамат көтөрүп, жердин көркүн ошо азаматтын талыкпас иш аракети ачат экен.

Азыр Баткен өрөөнү күн сайын көркүн ачып кулпурууда. Баарынан да райондун борборунда мармар цехтин ишке түшүрүлүшү эртеңки Баткендин ажарына көрк кошуп байыркы Самарканттын регистан аянттарын, мунараларын элестетчү күндөр алыс эмес. Өнөрлүү жигиттер, өйдө бурар жигиттер четтен чыгууда. Ал эми Дара тараптагы жапандар менен биргеликте иштеп жаткан «Алтын жылганын» алтыны беш млярд купту түзүп запасы 350 жылга жете турганы белгиленүүдө. Бул Баткен өрөөнүнүн эртеңкиси, келечеги. «Карысы бардын, ырысы бар» дегендей:

«Элестейт жердин алысы,
Эл жашайт момун, калысы.
Койнуну ачып ким келсе,
Кош колдоп күтөт барысы.
Көрүнбөйт жердин алысы,
Көксөтөт көңүл дарысы.
Милайим сүйлөп «сиз» деген,
Меймандос келет барысы.
Ырыскы төгүп төрүндө,
Ырыстуу сүйлөйт карысы.
Байыркы жерге бак конуп,
Баткендин кетти арышы.
Жерини сүйгөн элим бар,
Жеткизбейт эмгек жарышы.»

«Дөөлөттүү, ырыстуу элдин башкалардан өзгөчөлөнгөн биз билбеген жактары бар, аралашып жашап көргүлө эле билесиңер» деген экен бирөө. Айткандай кылып жолоочу болуп жолдо калып, момуну мусаапыр болуп көрүнөт. Кирген үйдүн ээси төрдүн төбөсүнө отургузуп, тапкан ырыс-кешигин алдына төгүп-чачып, мурда көрүп жүргөндөй өткөн-кеткенден бабырашып, «коюң» дегенине болбой коноктойт. Эртеси карысы бар үйгө кайрылса «коногум» деп, кош кол узатып, каада менен, ызат урмат менен макалдатып тосуп алат. Дасторкон жайып, чай аш узаткан аял затынын иймене караган ыйба ызатына тан берип отурса сырттан кер мурут жаш жигиттер салам айтышып, каада менен коноктун этек жагынан орун алышат. Мейманга жагымдуу карашып «алың, коюң» деп, чай узатып, карынын кебине кулак төшөп, сөз кезеги келе калганда гана сүйлөшпөсө жыра талашпай коноктун кыймылынан өйдө айттырбай түшүнүп, сергек мулайым маанайда отурушат. Качан дасторконго дуба кылынып сыртка жөнөөрдө бирөөсү меймандын, карынын көлөштөрүн оңгоруп, бирөөсү ийилип колдорго суу куюп



эшикке дейре узатышып «келип туруң» деп жылуу жумшак коштошушат.

Жанагы жолоочу-конок элине келгенде «дөөлөттүү, ырыстуу элден эмнени көрдүң?» деп сурашканда минтип жооп берген экен:

«Ак сакалы жайкалган,
Карысында ыйман бар.
Чын достугу байкалган,
Дөөкар пейил сыйдан бар.

Көңүл кушу жайкалган,
Кыз-келинде ыйман бар.
Кыйын күндө тарталган,
Дос колуну сунган бар.

Мейман күтүп баркалган,
Сый урматта турган бар.
Таалим, насаат айталган,
Кеп, акылга тунган бар.

Мына ушу бөтөн элдин көзү менен караган өрүктүү өрөөндөрдүн, анын ичинен Баткен элине мүнөздүүсү, ким келбесин кучагын жая жүрөгүн ачып турган, ыйман-ыкластуу, мээракыбеттүү, дос, мейманды кадырлаган, коңшусун колдогон, душманына сыр ачып келишпеген, бир сырдуу пейил күткөн, милайим сизиң бизиндүү элестерге кабыласың. Анан сырт турпатынан жоош момундук карапайым элес жүз берип, дароо эле өрүктүү өрөөндөрдүн адамдары экенинен түйдурат.

Бул адамдар кай жерлерде жүрүшпөсүн, баскан-турганынан, адамдарга жасаган сылык-сыпаа мамилесинен, ызат-урматынан, адамгерчилик ыйманынан, анан эң башкысы доско дос, каска кас, эч качан бирөөгө жамандыгы жок ак ниеттүү, бирөөнү алдайын деген ниети жок түздүгүнөн дароо эле таанып сың Лейлек, Баткен тараптан экендигин. Чынында эле бул адамдар башкаларга таптакыр окшошпойт.

Ишенесизби, Лейлектин Чүрбөк деген айылында, анан Баткендин жолу катаал тоолор арасындагы Зардали деген күнөстүү бир айылда жашагандар өмүрү бир кылмыш жасап мейлисага түшпөгөнүнө? Алардагы меймандостук, адамдарды кадырлоонун, сүйүүнүн чеги жок. Жөн эле көзүң менен көрүп туруп «ушундай да таза, тунук адамдар болобу?» деп ишенбейсиң. Жомок десең катардагы биздей эле

жаткан иштери. Балким тоолуктардын таза жүрөктүүлүгү, адамдарынын айтып түгөнгүс пейил мүнөзү, күндөлүк табигаттын керемет таасирлеринен уламдыр, ким билет. Куулук, шумдугу жок адамдар менен жашап калсаң канчалык ыйманың тазаланар эле.

Чын, Зардали, Чүрбөк айылдары ушундай бир табигаттын, адам ыйманынын кереметтүү күнөстүү аралын элестетет. Бул жерлердин көркү адам тазалыгына жуурулушуп бирин-бири толуктап турушу жөн эле сөз таппай, тирүүлүктөгү пейиш, дүр дүйнөлүү жомок деп тамшанасың. Оо бул, азыркы заманыбыздын «Санников жерлери!». Табигаттын көркүндөй сулуу, ыйманы бийик, эч жамандыгы жок меймандос адамдардын жери. Бул күнөстүү аралдарда жан дүйнөсү сулуу адамдар гана жашашат. Мурдагы «зарыл ишиң болбосо Зардалыга барбагын» деген сөз, ал табигаттын көркүнө, адамдын пейил мүнөзүнө суктана албагандардын сөзү болуп калды. Оо, бул жерлерди туурун жандай сүйгөн адамдар мекендешет!

Айтаарыбыз:

«Зарыл ишиң болбосо да,
Зардалыга бир баргын.
Кокус ишиң болбосо да,
Кожошканга бир келгин.»

«Чүрбөк деген айылга,
Ишенбесең бир кайрыл»

дээр элек.

Айтор ыймандуу элге ырыс өзү жуушат дегендей, өрүктүү өрөөндөрдүн талааларында эрте жаздан, кеч күзгөчө ыңкып жаткан түшүмдөрдүн иш аягы үзүлбөй бир жагында өрүгү, жүзүмү, шабдалысы, анары, бадамы, анжири бышып атса, бир жагында бири-бирине улай буудай, жүгөрү, тамеки, гүрүч жашылчалары орулуп, жыйылып, саамга кол бошобой саясат менен да, аалам менен да жумушу болбой, кабагым кашым дебеген жайдары мүнөз коштолуп барат.

Мына ушу карапайым адамдардын көкүрөк дилинде дайыма айтылып жүрчү бир сөз бар, аны көбүбүз байкап элес алабызбы жокпу, көрсө бул адамдардын ой тилеги, максаттары такыр башка экен. «Бизге саясаттын кереги жок. Ошо саясаттагы адамдар биздин эмгектенип жашообузга шарт түзүп беришсе болду. Бизге уруш, жаңжалдын, согуштун кереги жок. Биз карапайым адамдарга ким болбосун, ким келбесин көкүрөгүн ачып берсе, дайыма кучак жая тосуп алабыз. Адамдык таза ыйманыбыз, ниетибиз ошо» дешет. Айтор пешене тери менен жашаган адамдын ыйманы таза болот деген чын тура. Аларда бир алдайын деген ниет жок. Жөн эле наристенин тунуктугун элестетет.

Анан да бул адамдардын көздүн карегиндей кастарлашкан, эч кимдерге айтышпаган бир ыйык нээрселери бар. Ал алтын бешик. Аскадагы үңкүрдө таңды кеч «кыйч-куйч» деп термелип турат. Эненин алдей айткан үнү угулгансыйт күңгүрөнгөн кызыл аскадан. Кайберен эне бешиктен кабар алгансып, «ким келатат?» деп кабатырлана карап турат тээ бийиктe. Кайдан, жайдан мылтык «тарс!» этти. Аскадан таш кетти. Төмөндө таш тийип кызыл чие канга батып бирөө жатты. Душманбы, кыянатчыбы, же алтынын алам деген ачкөз дүйнөкорбу, ким болбосун, бешиктин ээси жолотподу. Өз убалы өзүнө. Бешик кайра эле термелип жатты. Кызыл аска күңгүрөнүп барып эне дагы алдей ырын ырдагансыды.

Тээ көз жеткис эгин талаалуу, өрүктүү өрөөндөрдү мекендешип алтын бешиктин урпактары өмүр кечиришип, жашоо улап келишет. Үмүттүү да, сүйкүмдүү да карашканы ошо аскадагы үңкүрдө кастарлана термелген алтын бешик. Барылдап ыйлаган бала үнү угулса «Э жараткан, жар боло көр, дагы бир мекен көз жарды!» деп сүйүнүп калышат.

## 2. МЕН ҮЧҮН БҮГҮН МАЙРАМ—ДОС КЕЛАТАТ.

**«Адамды адам кылып сактап жүргөн эки ыйык нээрсе бар. Ал достук менен махабат».**

**«Өзүнү эмес, өзгөнү сүйө алган адамдан гана жакшылык күтсө болот».**

**«Дос менен абаат үйүң».**

Эркин Вахидов. (Өзбек эл акыны).

**«Эй, арамдар, силердеги ыйык достук кайда? Баары бир эртедир, кечтир жарашасыңар. Азыр эле, ушу азырда, биздин көзүбүзчө жарашкылачы, силерден суранам?!».**

Фарзана (Тажик акыны).

**«Акылы жоктун жакыны жок».**

Адам баласынын көкүрөгүндөгү эң ыйык, эң назик нээрсе —бул достук. Достуктун кудрет күчүн эч нээрсеге салыштырып болбойт. Эки жаштык оттой жанган махабат сезимдери да «дос» деген улуулуктун алдында алсыздык кылаар эле. Минткенибиздин жөнү элдин көкүрөгүндө уундан - муунга айтылып, кастарланып келаткан «кыйбас дос» жөнүндө улама кеп улуу муундар тарабынан айтылып биздин күндөргө жетиптир. Анын көөнөрбөстүгү элдин нукура сезиминдеги ыйык сүйүүдөн жаралгандыгында. «Дос» чынында эле улуу сөз. Ал эки адамдын максатташ, тилектеш, көмөктөш, бирин-бири кыйбас тең бөлүшкөн биримдигинен, ызат-урмат, сый кадырынан, эки жүрөктү, эки элди аштаган ажырагыс март, дөөкар мырза сезимдерден жаралган. Анын кудрет күчүнө доорлордон бери келаткан дос жөнүндөгү турмуштук тажрыйбалар күбө. Алар барып-барып улама-легендаларга, таң калаарлык жомокторго, дастандарга айланып кеткен.

Илгери... илгери, кай замандар экен, жыйырма бештеги кырчылдаган жаш жигиттин күнү суусу бүткөндүгү кудай талаадан амир болуп жабирайил жан алгыч түп ортосу жигиттин жанын алганы жаткан жерине кириптир. Жигит чочуп ойгонуп, жалын болуп жанып турган адам кейпиндеги шумдуктуудай жанды көрдү. Азга эстен жана түшүп, кайрадан үшүн жыйды. Дагы эле жанын турат. Тил бүттү



жанагы оттогу кейпке: —Эй, адам баласы, тур ордуңдан! Сенин күнү, сууң бүткөнү турат. Жаныңды алганы эртең шу маалда дагы келем. Ата-энең, тууган-туушканың, дос-жарың менен коштошуп кал!-деди.
Жигит эңгирей түштү апкаарып.

—Мен өтө эле жашмын го. Он гүлүмдөн бир гүлүм ачыла элек туруп кудай талаага ушунчалык эле керек болуп калдымбы?

......Керек үчүн жөнөттү, жигит. Ченелип берилген күнү суун түгөдү. Эч кимдин сага берер ашыкча жашы жок, сурасаң да бербейт. Бардыгынын эле жашагысы келет.

Ошондо кудай-талаанын үнү көктөн жаңырды: —Пендем, ай, мен деле сенин жаныңды, ченелип-бычылган жаштыгыңды кыйалбай турам. Кантейин, бирөө жарым, жакын адамың жашын тең бөлүшсө кана.

—О жараткан, амир кылың, мага эки күнгө уруксат бериң, жанымды албай туруң? Мага да күйгөн адам чыгаар, ошолордон сурап көрөйүн?-деп, жалбарат.

—Боптур, пендем, айтканыңды орундатайын. Балким сага жашын тең бөлүшөөр адам табылып калаар? Жабрайил, токтот аныңды, кайт азыр, эки күнгө чыда?!

Ошентип жаш жигит түн бою уктай албай, эртеси болгон ишти нанүштөгө отурушканда картайган ата-энесине, сүйгөн жарына, бир тууган уялаштарына айтты. Бардыгы тилден калгандай «эми кантебиз?» дешкенче үшкүрүнүп отурушуп калышты. Бирөө жарымынан «мен бөлүшөм жашымды», же ата-энеси «биз жашаарыбызды жашадык, канча жашыбыз калса ал сен» дешпеди. Түн терметип уйку келбейт, койнунда жаткан асыл жары зор берип ыйлайт, андан башка үн, сөз жок. Таң атып, жигиттин кайтыш болооруна дагы бир күн калды. Бүгүн түнү жабрайил анын жанын алып тынат. Кантиш керек? Кимге айтат дартыңы?

Жаныны коёрго жер таппай, көкүрөгү арман толо күйүп барат. Эми ажалды күткөндөн башка арга жок. Сулк жатып калды. Энеси кирип жалбарат, атасы кирип мелтиреп нес басып унчукпайт. Ошондо бир нээрсени ойлоп тапкандай, жинди адамча ордунан үн, сөз жок атып туруп кайдадыр бир жака жөнөп берди. Артынан «балам каяка?» дегендерин да укпады. Тарыныч куйкалап «кимге айтам, кимге барам?» деп буулуп ыйлап барат. «Жашагым келет, жашагым» деп ырдап барат.

Ошо жүрүшүндө коюн-колтукташ, бирин-бири көрбөсө туралбаган досунун эшигинин алдында туруптур. Кантип келип калды, өзү да билбейт. Санаа менен эзилип, көзүнө эч нээрсе көрүнбөптүр. Досу кучак жая тосуп алды. Нес баскан өңдү көргөндө чочуп кетти. «Не болду сага?» дегенче болбой кучагына өзүн таштап буркурап ыйлап жиберди. Көпкө ыйлады. Кантерин билбей эси чыккан досу көкүрөгүнө басып тура берди. Акыры кеп сөзгө келгенде гана досунун аянычтуу тагдырын укту. «Ой, кургур десе, ошо да кеп бекен! Мына мен берем. Кана, качан жолугушабыз жаналгыч менен?»-деди досу тамашага чала сүйлөп.

Ал күнү экөө жатты жанаша, жабирайилди күтүп. Айткандай түн ортосу баягыдай жалын болуп жаналгыч көрүндү.

—Кана жигит, кандай бүтүмдү айтасың?

Ошондо жигиттин досу тайманбай суроо таштайт.

—Эй, жабрайил, кудай талаа мага канча жаш берген, ошону билгим келип турат?

—Аны жаратканымдан өзүң сура.

—Эй, алла-талаа мага канча жаш бердиң?

Көктөн аваз келет.

—Жетимиш жаш ичер сууң бар, пендем.

—Ошонун тең жарымын досума бер, мен ыраазы!-дейт жигит.

—Оп, балли! Мен досуңдун жанына күймөкү адамдарынан үмүт кылдым эле. Болду, пендем, кыйбас досчулугуңа ыраазымын! Жан күйөрлүгүң үчүн экөөңө тең бирдей ичер сууңарды көрөр күнүңөрдү кайырдым. Тең көрүп, тең жашагыла, көп жашагыла! Жабрайил кайт!-деген экен.

Карап туруп бу беш күндүк жарыктыктын ушунчалык аздыгыны жүрөктөгү улуу сүйүү менен узартып, достук менен жашоого болгон кумарлануусун арттырып келгенине, жакшыям адам баласына досчулуктун берилип калганы дейсиң. Болбособу...

Тынчтык, эли жерибиздеги бейпилчилик ушу элдердин достугу, жеке адамдардын ашыначылык-достугу аркалуу сакталбаса бу адам дегениң... Чын, элдердин достугунун, бир туугандыгынын бузулбастыгынын мааниси өтө терең. Анын опурталдуулугун, кандаш, жандаш элдердин бирибирине азап тозоктуу окуялары жаныбызда, көз алдыбызда эле өтүп жатпайбы. Албетте улуу достукту ыдыратуу ыпылас кан күсөгөн саясатчылардын, чагымчылардын, ушакчы айгакчылардын иши. Ортодо эле эч бирөөгө жамандыгы жок карапайым адамдардын шору, көз жашы. Алар достукту ушунчалык жогору баалаган, ким келбесин кучагын жая тосуп алып достошкон адамдар эле илгери. Ата-бабаларынын узак жылдар бою бири-бирине карым-катнаштарын үзбөй ашына-досчулугун улантып келатышкан бейкүнөө адамдар болчу. Көрбөйсүңбү, элдердин достугун ыпылас саясат жүргүзгөн айгакчылар не күндөргө апкелип, тынч, бейпил жатышкан өзбек, тажик, кыргыз элдеринин башына не күндөрдү көрсөтпөдүлөр. Кыз алып, кыз берип, той тамашалары дайыма бирге өтчү достук заматта жик - жикке бөлүнүп, бирин-бири шектүү карап, чокулашып, кан төгүлгөн күндөргө чейин барып кайтышпадыбы. Турмуш коогалаңы карапайым адамдарга ушунчалык сабак болуп берди дейсиң, өздөрүнүн адашкан туюк жолго кантип түшүп калгандарына азырга дейре бирин-бири карай алышпай уялышат. Көрсө муундар ортосундагы өткөөлгө керек экен. «Чекишпей, бекишпейсин» дегендей чеклери томуйган достор кайра эле «өзүбүзгө өзүбүз керек экенбиз» деп, бирин бири кечиришип баягыдай ашына-досчулуктарын улантууга өтүштү. Али «кулак укса курсак кайнайт» дегендей айгакчы -кайракчылар тынч жашаган кошуна элдерге канчалык азап тозокторду алып келишпеди. Болбосо кыргыз, өзбек, тажик туугандардын ашыначылык-достугу не замандардан бери уланып келаткан адат. Көчөлөш, коргондош, бир арыктан суу ичишип өмүр кечиришкен адамдар жоолашып кайда барышмак эле. Ынтымакчылыктын, досчулуктун ыдырашы эч качан жакшылыкка алып барбашын бир эсептен өз көздөрү менен көргөндөрү жакшы болду. Алар эртеңки муундарга басса-турсалар сабактап айтып келишет.

Мына ушу өрүктүү өрөөндөрдүн элинде, алтын бешиктин урпактары жашашкан Баткен, Лейлек, Кадамжайда илгертен келаткан элдердин достугу ушунчалык бекем болчу. Бир танабында өзбектер байырласа, бир танабында тажиктер мекендешип, азыр эми ошо үзүлө жаздаган досчулук жиби кайрадан уланды. Барды, келди «сизиң, бизиң» мамилелер, той тамашаларды бирге өткөрмөй каадалары жайылып, базар учар алды бердилери, ызат урмат көрсөтүүлөрү күч алды. Ылайым эле көз тийбесин! Жанагындай шыбыр кулак айгакчы көралбастардан сакта! Бейкүнө адамдардын убалы жетсин ошолордун урук тукумуна!

Илгери Баткен элинин ар бир адамынын коңушулаш жашашкан өзбек, тажиктер менен болгон ашына досчулук карым катнашы бар эле. Кандай мааpаке-майлис болсо үч элдин катышуусу менен өтчү. Азыр эми ошо салт, дипломатиялык мамилелер кайрадан уланды. Өткөн аялдар жылында өзбек, тажик, кыргыз, үч райондун өкүлдөрү катышкан Төрткүл көлүндө «биз аялдар бардыгына энебиз!» деген девизде өткөн аялар форуму элдердин достугун дагы бир жолу түптөдү. Ошондо тажикстандын Исфара районунан келген баатыр эне, социалисттик эмгектин баатыры Супрахан апа мындай деп сүйлөгөнү бардык тургандарды ынандырды, толкундантты. «Биз энелер согушту каалабайбыз! Бизге элдин тынчтыгы, жердин бейпилчилиги керек. Биз аялдар эч качан бөлүнбөйбүз, анткени биз бардыгына энебиз!» Мындан өткөн дагы кандай сөз болууга тийиш. Энелердин жүрөгүндөй мээр сүйүүгө карк таза жүрөктөр болсо кана. Чын мындай жүрөктөр чанда гана, сейрек кездешет. Турмушубуздан карап туруп аял затынын бардыгын эле эне дешке болбойт экен деп айтышка аргасыз болосуң. Алардын арасынан төгөрөгү топ келишкен асылзаада аялдарды гана чыныгы эне десек болчудай. Ага сиз, баарыбыз эле маакул болсок керек. Анткени эненин энеси болуу аял затынын табиятындагы мээр-жигерине, айкөл кеңдигине байланыштуу болот экен.

«Дос кадыры кыйынчылыкта өтөт.» «башка иш түшкөндө билинет» дейт такыба карыларыбыз. «Асли досчулуктан кол үзбө.» «эсептешкен дос болбойт», «пайдасы тиет деп достошпо», «акылың атаң болсо, досуң жол баштаарың», «достуктан кеткен учурунда да анын адамдыгын ызат кыл», «издегениң достон гана табылат». «Жигит кишинин үч муундагы досу болуш керек.» Улуусу акыл айтып, жол баштаса, тең куру сырдаш, муңдаш болуп, кичүүсүнө баштан өткөн турмуштук тажрыйбасын үйрөтүп жол көрсөтүп отурат. «Али аксакалдардын кыш күнүндө салган «кепканалары» ушу жаш, кары, улуу кичүү делинбеген бирин-бири толуктап барчу теңчилдикке негизделген. Элдик педагогиканын улуулугу мына ушунда, адам кыртышынын бузулбастыгына ар тараптан камылга көрүп келүүсүндө жатат. Азыркы адамдарыбыздын айыкпас ооруусу ушу жаш, карынын ортосундагы достук мамиленин үзүлүшүнөн, тең кур жаштардын топ-топ болуп бөлүнүүсүнөн чыгып отурат.



Мына ушу достук жөнүндө таамай, таасын сөздөр сакадай бойлору акылга уюган атахан-карыларыбыздын эртели-кеч балдарына сабактатып, жомоктотуп айтып отурчу насаат сөздөрү. Ал кийинки учурларда айтылбай деле калды. Айтылса жата калып кулак төшөчү жаштарыбыз деле сейрек тартып барат.

Ар бир элдин өзүнүн көрөңгөлүү аксакал, көксакалдары бар. Кеп кеңешке келгенде алар төрдө акыл калчап, өткөн жылдардын сабакчысы, келе турган жылдардын алдын ала айталган мүнүшкөрү. Ата, эне бир үйдүн темир коргону дегендей, бул карыларыбыз бир элдин көзгө басар сыймыгы, кут келтирген ырыс-дөөлөтү. Кыркалай тизилип, сакалдары күмүштөй жайкалып, жүздөрүнөн бактылуулуктун нуру төгүлүп турса, бул карысын сыйлаган элге дагы эмне керек? Ырыс, дөөлөткө ыңкып баары бар. «Дуба менен эл көгөрөт, дуба менен жер көгөрөт дегендей алакан жайып ыйман келтирген, ырыс тилеген карыларыбыздын катары кудайга шүгүр Баткен районунун ар бир айыл, кыштактарында миң жашар чынардай болушуп, элине, жаштарына акыл-насаат айтышып достуктун темир коргону болуп келишет.

Элде айтылып жүргөндөй карысын сыйлаган эл, ата-энени кадырлаган азамат эч качан кем болбойт дегендей, бул өрүктүү өрөөндөрдүн эли карысынан эртели кеч кабар алып, ар тараптуу жардам көрсөтүп келишет. Илгери уруу-урууну айыл аксакалдары башкарышкандай, азыр деле бул өрөөндөрдүн жетекчи, эл башындагылардын акылчы увазирлери болуп, аларсыз иш башталып, иш бүтпөйт. Салтыбызда эң ириде «ошо элдин, ошо жердин аксакалдары бар бекен?» деп, сурашкандай, жаштарыбыздын дайыма жанында, башында, кашында болушуп дос-тууганды маараке аш тойлорунун сыйлуу төрлөрүндө отуруп келишет.

Дос каадасын аталардан үйрөнөлү дегендей өткөн «карылар жылында» Баткен чөлкөмүндө аксакал, көксакалдарыбызга ат көтөргүс сый урмат көрсөтүлүп, мурда болбогон жеңилдиктер, жардамдар берилди. Аталарыбыздын кадыр-урматына айтылуу Төрткүл көлүнүн боюнда «карысы бардын, ырысы бар!» деген чакырыктын астында карылар жылыны белгилеп, районубуз коңушулаш өзбек, тажик мамлекеттеринин Исфара, Сох, Рыштан райондорунун

бүтүндөй журтка белгилүү согуштун, эмгектин ардагерлери болушкан аксакалдарды чакырышып, «эски дос эстен кетпейт...» дегендей мурдакы ашына-достуктарын эске салып, болуп көрбөгөндөй сый урматта кенен-кесир баарлашып, Баткендеги атактуу «Ноомани» мечитинде бирге намаз окушуп, мындан кийинки ынтымакчылыкка каалоолор, тилектер айтылып, эл башындагы жетекчилерге кетпес оомат тилешип, элибиздин тынч, жерибиздин абаат болушуна ак батааларын берип кайтышты.

«Карысы жакшы, эли жакшы» дегендей, аксакалы жакшы ишке баштап, жакшы ниет тиледиби, пейил оңолот, ыйман тазарат, барака-пайз келет.

Илгери бир акылман карыянын балдарыны сынап көргөнү бар тапкан дүнүйөсүн үчөөнө бөлүштүрүп, өздөрүнө коргон салууну буюруптур. Айткандай эле эң улуусу менен ортончусу өздөрүнө адам өталгыс коргондорду келиштирип салышыптыр. Ал эми карынын эң кенже уулу шаарма шаар эл аралап, тааныш арттырып, дос күтүптүр. Күндөрдүн биринде балдардын атасы үчөөнү чакырып, салган коргондорун көрмөкчү болуптур. Улуу балдарынын жасаган иштерин көрүп «эмгегиңерге го баа жеткис жакшы коргон болуптур, а дубалдын бекемдиги кандай болоор экен?» деп табышмактуу сөз жылдырып, «кана эми кенжетайыңар кантти экен, ошонукун көрөлү?»-дептир. Ал атасын, эки бирдей агаларын шаарма шаар гыдыртып, арттырган адамдарынына меймандатып чыгыптыр да атасына «менин салган коргонум мына ушулар» десе, атасы «ахаттаям сен салган коргон бузулбас да, урабас болгон турбайбы» деген экен. Достукка адабат жол ачкан карынын балдарынын эртеңкисине көргөн камкордугун кара. Эч бир апыртмасы жок нагыз турмуштун өзү. Жогорттогу аталар жыйынында эртеңки муундарына көргөн камкордуктары, ашына-досчулука баштаган таза ниеттүү айкын жолдору.

Карыларыбыз баштаган жол тайгак ашуусуз, катаал кечүүсүз даңгыр жол. Булардын алкымы пак, кыдыры дайыма жылоолоп жүрөт.

Караң эле тээ бийиктен тумактап гүлдөгөн өрүктүү өрөөндүн эли, алтын бешиктин урпактары аталар баштаган достук жолуна түшүшүп, түшүмгө ыңкыгак талааларды,



бактарды аралап кеткен жолдо баратышат. Кудаа кааласа булардын жерине дагы да бак конуп, эли ырыс-кешиктүү болушат.

«Достук, бир туугандык элдин пикиринен жаралган нээрсе. Элдин пикиринен өткөн калыстык жок. Ал ар кандай жамандыктан куткарып, жакшылыктарга баштап, жакшы нээрселерди жаратууга дилгир жана демилгечи». Сапарыңардан жазбагыла, өрүктүү өрөөндөрдүн адамдары! Силер өз пикириңерден, жүрөгүңөрдөн жаралган достуктун ыйык жолунда баратасыңар!

## 3. СУУ—ӨМҮР, СУУ—ЖАШОО.

**«Баткендин суусу Меккедеги «замзам» суудай ыйык».**

**«Сууну алтынга бергис жерлер бар».**

**«Суунун кадыры чөлдө өтөт».**

**«—Апа, суу бергилечи, өлүп баратам?!».**
**—Атаң кудук издеп суу апкелгени кеткен, балам. Сага суу болуп берсем кана, азга чыдачы, атаң да келээр?! Арманым суу болуп калбагай эле! О жараткан, балама суу берчи! Суу! Суу!**

«Умай эне» китебинен.

Элдин айтымында Каратоо өңүрү илгертеден маашайыктар мекендеген ыйык жер катары тоо-ташы, дарак, суусу аздектелинип келинет. Алардын элдин жашоосу үчүн көргөн камкордуктары таң калаарлык булактардын чыгышы, тоо, таш, дарактардын керемет көрүнүштөрү ошо маашайыкмашруктардын учурунда жасап кетишкен иштери катары мүнөздөлүнүп, муундан-муунга айтылып келаткандыгы дилдигерибиздеги ой, эртеңки муундарыбызга айтып, жашоонун түбөлүктүүлүгүн даңгазалоочу нукура элдик түшүнүк.

Айтылуу Кадамжай тараптагы Шаймардан суусу пайгамбарыбыздын беш салаасы менен аталат. Тоо суусу кай тарапка агышына жол таппай дымдалып калганда беш салаасын матырып ылдый тарткан дешет. Айтор, жарым чөл кыябандуу жер танабы Каратоо элинде (Кадамжай, Баткен, Лейлек) көкүрөктөрүндө кастарлап келишкен, эч нээрсеге алмашкыс үч ыйык нээрсеси бар. Жер, суу, бешик. Көрсө мекен ушу үч нээрседен куралып, үч асылдыктан жаралат тура.

«Жерине жараша жыланы» дегендей бул жылаңач тоолуу өрөөндүү жерлердин суусу таңкыс, жери катуу. Шонүчүн тамчы суу алтын менен бааланып, кезинде суу үчүн өмүрлөр кыйылган. Ошонүчүн тамчы суу менен көктөтүлгөн дарактар ыйык көрүлүп, баласындай бапестеп өстүрүшкөн.



Бул биз кеп кылчу окуя да Баткенде (илгерки Каңсыкта) болуп, суу үчүн адамдар кан төгүүгө чейин барышып, кун үчүн алтын, күмүш, мал-жандыктардын ордуна суу алышкандыктары жөнүндө.

Суу... суу... Чаңкап кеберсип жаткан боз шыбактуу алыскы мейкин талаалар. Талааны төгөрөктөгөн боз тоолор кербен тартып кунарсыз, көрксүз чөгүп жатат. Түштүктөн түндүккө кеткен селдүү курук сайды бойлото өйүз-бүйүз өрүктүү чарбактар саратандын ысыгына туруштук бергендей, жашылынан жазбай, жатаакчылардын топ-топ салынган жалпак тамдарынын төгөрөгүндө сербейип көрүнөт. Ар ар жерде эми кыям сары тарткан аштык буудайлар суу тилеп ана бышам, мына бышамга кам уруп ыңкыйт.

Бул унутулгус эсте калаарлык окуя 1915-жылдын саратан жазы, ушу кетмен көтөрүп аштыкчылар менен суу бойлоп бараткан ала чапан, кызыл топучан он бештеги жаш өспүрүмдүн суу үчүн болгон эрдиги аңыз кепке айлантышаарын, кийин ошол эр жүрөктүүлүк басмачылар менен болгон күрөштө улантылып, жыйырма төрт жашында курман болоорун ким элес алды эле. Бирок ошо Айтпай, бала кезинде эле сергек зиректиги менен, чыдамкай көктүгү менен Сайбоюдагы Досканачылардын суу үчүн болгон абийрине бир жарап бергендиги жылдар өтсө да Баткендеги суу таңкыстыгын айтышканда биринчи ошо Имар уулу Айтпайдын (Кызыл Топу) күлкү келээрлик да, таң калаарлык да баатырдыгы эске түшүп, тамчы суу үчүн ушундайлыкка барып, ушундай күндөр өткөн деп калышат.

...Суу кездеги бузулуп, ошо күнү Досканачылар Тегирменбашыдагы чоң алышты жыра тартышты. Кезек тээ этектеги Жамантукумдуктарда болуп дагы он күн мөөнөттөрү калган болчу. «Качан бүтүшөт?» деп, ай караган текедей сазарып күтүп отура беришсе, эми эле данга толо баштаган буудайлары бүчү тартып, эрте саргайганга аракет кылып, жатаакчылардын жандары жай албай, ошо суу башыда булдурап аккан тамчы суу көздөн учат.


«Алыштарды кайтарып ким калат?» десе, эч кимисинен үн чыкпады тургандардын. Кызыл топучан бала гана «мен турам» деп, бери суурулуп чыкты.

«Мунуңарды алышка басып койсо Имардан кутулгус куйга калабыз. Тиримтик, жүрөктүүңөр жокпеле араңарда?» деп, күңк этти четте турган ак ыштан, ак көйнөкчөн Бердибек. Дагы мелтиреп үнчүкпадылар. «Ондо мен калайын, силер

баргыла» десе, ага да көнүшпөдү. «Сууну бөлүштүргөнгө башы көз болбосоңуз, ал жерде да кетмендешип өлбөйлү» дешти. Акыры ары дешип, бери дешип, күзөттө Айтпай калмак болду. Күн төбөдөн чызырап жөн эле куйкалайт. Жамантукумдуктардын күн, түн койгон мурабынан дарек жок, көрүнбөйт. Айтпайдын тынчы кетип, азыр эле суу ээлери келе калчудай туш тарабын элеңдеп, бир эки жолу дөңгө чыгып да түштү. Күн ысыгына лейлиген талаа мунарыктап, тээ өрүктүү чарбактардан кылактаган караан да көрүнбөдү, кулак-мурун кескендей тынч. «Суута карк болушкан көрүнөт, болбосо мурабы турат эле да» деп, өзүнү жоонтуп, азга болсо да санаасы тынчып, кайра неси болсо да алыштан оолагыраак жардын түбүн өзүнө жай кылды. Бул суунун айынан канчасы кызыл чие мушташып, алышка бирин-бири сүйрөп баскан учурларын көрбөдү. Имар буудайчынын чоңду кичирейткен «таш мылтыктай» атанган уулу бүгүн күзөттө Кантсе да тынчы кетип элеңдеп, «кандай болоор экен?» деп, жүрөк опкоолжуйт.

Капысынан эле гүшүлдөп-бышылдаган, энесини ашата сөккөн бирөө эски тегирмен тараптан гүржүндөгөнчө келатты. Жетсе эле чаап салчудай колунда жалаңдаган кетмен. Келээри келгенче бөгөлгөн алышты жыра тартып, чым, таштарды берки доскаачылардын арыгына бургай баштады. Кантерин билбей жардын түбүндө бүрүшкөн бала акыры чыдай албады көрүнөт, тууру эле берки адамдын артынан барып, белинен кучактап алганча алыштан оолактата тарты. «Жан ава, түшүнсөңүз, биздин эгиндер да күйүп кетти?! Бир, эки күнгө коё турсаңыздар? Акыры уурдашка туура келди» деп, артында бура-тере кылбай жалынып, өзүнө жолотпой кыйлага дегеңдетти. Акыры ачууга жеңдирген берки неси болсо да каруулуу колдору менен баланын карышкан колдорун үзүп таштады. Айтпай чалкасынан кетти. «Эңенди гана урайын, жугармак! Али сен суу уурдайсыңбы?» деп, өзүнү токтото албады. тумшуктан ары эки, үч коюп, оозу-мурду кан жалаганына карабай, башы-көзгө, ичке аралаштыра тээп таштады. Айтпай тырп тартпай өлгөн адамча сулк жатып калды. Ачууга ууккан берки түнөргөнчө чала бекилген алышты дагы бөгөп кирди. Баланын кандай абалда жатканы менен да жумушу жоктой анда-санда «Эй, бала, тур ордуңдан! Жөнө үйүңө өлелегиңде!» деп коёт. Кайра-кайра кетмендеп, чым оодарып отуруп алышты жылчыксыз ышкап бекитти. Терге машталган





ЖҮЗ ЖАШТЫН АК БАТАСЫ ЭЛГЕ, ЭЛ БАШЧЫГА ТИЙСИН!




ӨКҮМӨТТҮН ӨБӨЛГӨСҮ ЭЛГЕ. ООНдун ӨКҮЛҮ АГАТО БАТКЕН ЖЕРГЕСИНДЕ.



АЛТЫН БЕШИКТҮҮ УМАЙ ЭНЕЛЕР.





ГУБЕРНАТОРДУН КӨМӨГҮ КАРЫЛАРГА



ДОСТУКТУН КАРЫМ КАТНАШТАРЫ.



ЭЛ ДОСТУГУНДА ЧЕК ЖОК.



АЛТЫН БЕШИКТЕ ТОРОЛУП ӨСКӨН ТАЛАНТТАР.



ӨРҮКТҮҮ ӨРӨӨНДҮН КУЛУНУ.




АЙГҮЛ ТООДО ГҮЛ МАЙРАМ.



ЖЫЛ ЖАҢЫРТЫП КЕЛЕ БЕРСИН НООРУЗУМ.



УМАЙ ЭНЕЛЕРДИН СҮМӨЛӨГҮ.



көйнөгүн чече салып сууга ары-бери чайкап, чала сыгып туруп кийип алды. Бала дагы эле жатат. Берки сестейе түштү көзү алайып. «Эй, мени коркутпа! Куу түлкүдөй өлүмүш болгонун карасаң мунун!» Бутуна тээп да көрдү. Былк этпеди. Шашып калды берки. Чөгөлөй калып башын көтөрө силкилдетти. «Эй, бала, азилиңди кой!» Шалдырап өлүктөй сулк жатты. Өңү купкуу тартып тили күрмөөсүнө келбей кетенчиктеп барып «Мен өлдүм! Адам өлтүрдүм!» дегенче алды артына карабай безилдегенче качып жөнөдү.

Эки айылдын адамдары чогулушуп келгенде да Айтпай былк этпей жаткан болчу. Ары сүргүлөшүп, бери сүргүлөшүп казыга бармай болуп, акыры баланын өлүү тирүүсүн билмекке таманга ийне сайып көрмөй болушту. Кабар Имар буудайчы менен Майсара катынга да жеткен. Алыстан эле буй тартып келип баласын кучактап жатып калбаспы. Акыры кимдер кунга жыгылыш керектигин далилдеш үчүн жамантукумдун аксакалы таманга ийне сайды. Былк этпеди. Матыра сайды. Андан бетер мурдага айланды бала. Бүттү, Жамантукумдуктар суу үчүн адам өлтүрүштүгө чыгышты. Баланын куну үчүн, аксакалдардын бүтүмү менен досканачылар бир апта суу ээси болмой болду.

Майсара апа кошок кошуп, Имар кары «ботом» деп боздоп, Сайбою тарапка Айтпайды көтөрүп жөнөшкөн адамдардын артында. Жарым жолго жетип, жетпей «Мен өлгөнүм жок, коюп жүгөргүлө, өзүм эле басам» деп түшө калып баарынын эсин оодарып басып кеткенде, ызы чуу суу сепкендей басылып эсейишкенде, бирөөлөрү «Э кудай өзү кечирсин, доош чыгара бергиле, өлдү деп бир апта суу ичип калалы, баланын өмүрү узак болот экен» дешип, Айтпайдын куулугуна ыраазы боло ай талааны баштарына кийгенче өкүрүп, бакырып кете беришти.

Ошентип досканачылар Айтпайдын ойлоп тапкан шумпай жооругуна бир апта көл-шал суу ичип жыргап, кийин бул окуяга кандуу кол болушкан жамантукумдуктар да таң беришип «каныны урсун, ата баласы!» деп, Баткенде суу тартыштыгы жөнүндө сөз болгондо эле жаш балага кунга жыгылгандыктарын айтып күлүп калышчу.

...Баткен—Баткент, Ташкент, Өзкент, Аксыкент. Кент фарс тилинде шаар, каала деген түшүнүк. Чынында эле Баткент (мурда калаа болгондур) алыс-жакынкы, таптакыр көрбөгөн адамдарга сырдуу бир өтмүш жаңырыгындай элестеп,

көз алдыларына сууга таңкыс, аптаптуу какыр жер жаткандай, аты эле чөл шамалынан кабар берип «ал жерлерде кандай адамдар жашашат?» деген таң калыштуу ойлор көкүрөктөрдө уялайт.

Баткен—бул тарыхый ат. Кылымдар кыйырында, жылдар агымында жышылып, ысык- суукка бышкан ат. Эки элдин, тажик менен кыргыздын карым-катнашынан ашына-досчулугунан жаралган ат. Эки элдин катуулугун, мекенин жандай сүйгөндүгүн сынаган жер танабы биз үчүн эч нерсеге алмашкыс. Баткен таштуу болобу, шамалдуу болобу, ата-бабаларыбыздан калган ыйык жер катары кастарланат, баркталат. Бул көөнө жер тарыхын, эл тарыхын бурмалашка эч кимибиздин акыбыз деле жок. Эмне деп аталган болсо ошо бойдон калганы жакшы. Себеби ал ат элдин нукура бүтүмүнөн жаралган. Көөнөрбөстүгү, башкага алмаштырылгысы шонон. Мына Баткен деген аталыш ыңкылап жылдарынан бери болсо, андан мурда бул чөлкөм Каңсык (закаш), андан мурда Көкөнор (Акташ) деп аталып келгендиги бардыгына эле белгилүү болбосо керек. Көрсө адамдар деле жер, суунун географиялык шартын эске алып, анан ат коюшат турбайбы. Баткендин аталыш себебин төмөнкүдөй мүнөздөсөк болчудай. Тажик тууганадардын кыргыздарга эшектушактап ысык-сууктагы карым-катнашынан улам фарсы тилинде Баткен деп калгандыгы көрүнөө эле. Балким бул ат деле өз мөөнөтүн өтөп бүткүчө жашап турар. Бирок тажик тууганадардын жери деген жаңылыштык. Бул жерлерде ичкилик кыргыздардын ата-бувалары гуннлар мекендеп, Манас (Модубек), Курманбек баатырлардын жашап өтүшкөндүгү байыркы жер, суулардын аталышынан, тарыхый даректерден билсек болот. Мисалы Рават-Жакып (Жакыптын дарбазасы), Байтак (Бакайдын атасы), Кошой конуш, Бакай сай, Сары жаз, Кулан жайлоо, Кароол дөбө, Кызыл кошун, Төрткүл.

Төрткүл демекчи тарыхта Манастын үч ордосунун бири делинип божомолдонгону менен анын тарыхый түпкүлүгүн чечмелей алган адам гана ынана алат. Төрткүл кыргызстандын көп жерлеринде, ал тургай өзбек, тажик, казак, түркмөн туугандарда төл сөз катары пайдаланалгандыгын баарыбыз билебиз. Бирок бул аттын этимологиялык мааниси эмнени түшүндүрөт илимпоз тарыхчыларыбыздан башкабыз билбесек керек. Төрткүл — (урандыга айланган шаар), ордо,



сепил же адамдар жашаган үйлөрдүн төрт дубалы калып урандыга айланып бузулушун, жалпы эле шаардын урандыга айланган ордунун аталышы). Бул маанини этимолог тарыхчылар алда качан эле чечмелешкен. Мисалы түрк тилинин төл сөзүнө айланган чалдыбарды эле алып көрөлү эле. Фарс тилинде чор девор делинсе жандырмагы урандыга айланган төрт дубал деген түшүнүктү берет. Демек Төрткүл Манаска чейин эле Даваан падышачылыгынын белгилүү шаарларынын бири болуп, кийинки жоолошкон баскынчылардын айынан урандыга айланып Төрткүл деп аталса, кийин аны кайрадан калыбына келтирип ордо куруу Манас баатырдын ыкыбалына туш келген көрүнөт.

Албетте мындай тарыхый шарт, кырдаал Бичуриндин далилдүү даректеринде айтылса, ал эми жергиликтүү тарых изилдөөчү Мурзапар Үсөндүн «Кан Манастын бейитин издеп...» даректүү романында Манастын чет Бежинде Коңурдун капысынан качырып сайган найзасынан жаракат алганда Каныкей кабыланын душман блибесинге салып ушу Төрткүл ордосунда баатыр дүйнө салганча эч жанга билгизбей, төгөрөктүн төрт бурчунан табыптарга караткандыгы белгилүү. Анан калса Бухарадан, Созокко чейин бийлеген Эшимкан тукумдары Тейитбек, Курманбек, Сейитбек, Шырдакбек баатырлардын ордо, калаалары тарыхта да эл оозунда да айтылат. Мезгилинде Курманбектин небереси Шырдакбек Кокондун беги болуп Баткендин дарасындагы чепти калмак, арап баскынчыларынан коргонуу үчүн салдырган экен. (Ал кийин Кудаярхандын чеби аталып калган). Бул какыраган чөлкөмдүн жеринин катуулугу, тамчы суунун алтындыгы не деген өлбөс өчпөс тарых инсандарын берген, аны биз табигый көрүнүш катары караганыбыз менен ар кандай жакшы нээрсе да, жаман нээрсе да жерге, аны байырлаган элге байланыштуу болот экен го. Келкел ооматы тээ атам замандан жибек жибин үзбөй келаткандыгына мынабу көөнөрбөс жер күбө, учугун улап келаткан эл күбө эмеспи. Эгер тил бүтсө тарых чындыгын төкпөй, чачпай мына бул кара жер айтаар эле. Кечөөкү Кокон хандыгынын кыйрашына дейре, ал хандыкты биринчи негиздеген Баткендин Согментинен чыккан Нарбото бий болсо, анын уулу Алимхан атасы Кашкардагы манжүттөр менен болгон согушта 1704-жылы каза тапканда, Кокондун хандыгын негиздеп биринчи такка отурган. Ал эми Кудаярхандын тушунда

Баткендин Бужунунан чыккан Алымкул аталык хандыкта (согуш министри) аталык чинине чейин жетип, Ташкендеги (Шаш) орустар менен болгон согушта 32 жашында айгакчылардын астырттан койгон тыңчысынын колунан курман болот. Айтор, көлкүгөн көөнө замандан келаткан уюткулуу жердин урпактарынын учугу тээ түпкүрдөн уланып келаткандыгы эмнеге негизделет, элинеби, жеринеби, аны мезгил өзү көрсөтөр. Кези келгенде Нарбото бий, Алымкул аталык, Абдырахман аптабачы (мамлекеттик катчы), Полотхан (Исхах), Султанмурат миңбашы жөнүндө чыгармалар жазылып, эртеңки муундарыбызга үлгү болоор, сыймык курар өмүр таржымалдары айтылаар. Элге, жерге оомат бир келээрдин аягы бул жери катуу, суусу таңкыс бир мердианда жатышкан Кадамжай, Баткен, Лейлек жергелеринен үзүлбөй, даңктуу, барктуу аталар жолун улап келишкен, Эл оозунан түшпөгөн уул, кыздарыбыз четтен. Мамлекет башында иштешкен Абдыкадыр Орозбаков, Исхак Разаков, Мурат Салихов, Төрөкул Кулатовдор не деген алп инсандар. Мамлекетибиздин түптөлүшүнө, түзүлүшүнө негиз боло алышкан ишкер жетекчилик таланттары менен элдин эсинде калаарлык эмгек жасап кетишсе, алардын жолун улап келгендер Шайдулла Ганы, Пусурман Хаджаев, Жолдошбек Момунов, Муса Кадыр, Дастан Салиховдорго окшогон уулдарыбыз да үркөр жылдызындай көктө жанган инсандарыбыздын катарында калышты.

Жашы бүтпөйт, жашоо уланаттын мааниси ушу бейим, көөнө жердин тегинен, дээринен экендигин уул кыздарыбыз Абсамат Масалиев, Мамат Айбалаев, Рахат Ачылова, Досбол Нур уулу жасап жатышкан учурдагы иштери менен муундан-муунга берилчү жарышта элине, жерине туу болуп, эртеңки муундарына төл башы болуп келишет. Мына ошо мамлекет башында 50-жылдарда иштеген Исхак Разаковдун бул суугa таңкыс өрөөндөргө не деген өлбөс өчпөс иштерди жаратып кетти, аны мезгил өзү таразалап, элдин калыс пикири ал кишинин эртеңкини көрө билген чыныгы атуулдук парзына калыс бааларын коюшуп шу күнгөчө ооздон түшүрбөй келишет. Көрсө ушул Төрткүл көлүнүн алгачкы курулуш чиймесин Москвадан өзү иштетип, 1957-жылы ат менен көлдүн болочок ордун кыдырып, көрүп чыккан экен. «Аккан арыкка суу агаттын» маанисин карабайсызбы, замандар катмарында не деген адамдар жашап өткөн Даваан падышачылыгынын тушундагы калаанын ордуна Манас Алтайдан келгенден кийин ордо курса, замандан заман өтүп ал дагы мезгил закымында көчүп, мына эми ошо кут түшкөн жерге, элдин назары түшкөн жерге Манастын урпактарынын бири Исхак Разаков көл курду десек аша чапкандык болбос. Себеби зор курулуштун баш аяк проектисин иштетип, сметага киргиздирип бекиттирүүнүн өзү эле ошо мезгилдеги анча-мынча жетекчилердин колдон келбеген иши эле. Ал киши бийликтен кеткен учурда да түптөлгөн иш калып кеткен жок. Келип-келип өлкөнүн, республикабыздын бутуна турган учурга, эпкиндүү курулуштардын биринин артынан бири башталган жакшы мезгилдерге туш келди. Төрткүл көлүнүн курулушу 1963-жылы башталып, 1972-жылы ишке киргизилген. Сууну сактоо сыйымдуулугу 90 миллион метр куб. Суу сактагычтын курулушу менен райондо бүгүнкү күндө 11.2 миң гектар жерлер өздөштүрүлүп сугат жерлерге айландырылган. Районубуздун 60% жери ушул суу сактагычтан пайдаланат.

Какыраган жердин көркүн адам колунан жаралган көл ачты. Табигатты адам көркөмдөп, сулуулукту адам жаратат дегендей райондун көзгө басар жерине айланды. Мезгилинде Баткенде иштеп кеткен акын Кеңеш Жумалиевдин «Төрткүл элеси» аттуу ыры ушу көл жээгинде жаралып, ага Баткендик обончу Заирбек Султанов көл таасиринен улам жаштар сүйүп ырдаган обон жаратты.

«Кучактап күндүн аптабын,
Көл тарайт тармал ак жалын.
Карачы курдаш Төрткүлдү,
Куулардын уктап жатканын.

Ооба, көл керемети айтып бүткүс ырларга айланды. Аны талыкпас эмгектери менен жараткан аталарыбыз, агаларыбыз дагы эле биздин катарда. Алар жаштык жигер күчүн ушу элдик өмүр жашоосу болгон сууга арнашты. Буларды эстебей коюу биз үчүн кечиримсиз. «Атын атаса куту сүйүнөт» дегендей көлгө тагдырлаш адамдар катары эртеңки күндөрүбүздүн сыймыгы болуп, элдин жүрөгүндө калышаары бул тарыхый көрүнүш. Кези келет, дагы да бул көл куруучуларын урмат сый өзү издеп табат. Албетте он жылдык эмгек кайтарымы өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып республикабыздын жогорку сыйлыктарынын бири «Токтогул атындагы мамлекеттик лауреаттык» төш белгиси төмөнкү агаларыбызга ыйгарылды: машинист-экскаваторчу

Сайдакматов Турсунбай, техника коопсуздугунун инжинери Маккамбаев Абдимомун, шофер Алишеров Сабыр, бульдозерист Мадымаров Кочкор. Мына ушу агаларыбызга окшогон жүздөгөн адамдардын эмгек мээнеттери менен жаралган ушу чөлдөгү көл алардын эртеңки муундарыбызга калтырышкан белеги, сыймык курар даңкы.

«Таң калат келген көргөнү,
Чалкыса деңиз чөлдөгү.
Кыйкуулап турса керемет,
Ак куусу, чүрөк, өрдөгү.
Тамчы суу алтын дечү эле,
Айтылып жүргөн элдеги.
Баарын ачты бул жердин,
Өмүрдүн суусу келгени.
Тумандап гүлдөп өрүгү,
Ак булут дейсин жердеги.
Манастын ордо, тууруна,
Көл жаратып бергени!
Байыркы жерге бак конуп,
Жер болду дыйкан эрмеги».



## 4. ЖАЗДА КЕЛЕМ АЙЛЫҢА КЫЗЫЛ ӨРҮК

**«Өрүктүү өрөөндөрдүн элинде башкаларга үлгү болоорлук бир ажайып салт бар. Ата уулдуу болсо, же чоң ата небире көрсө ошонун урматына өрүк көчөтүн отургузуп, бак тикмей. Балким өрүктүү өрөөндөр ушундай жакшы ниеттүү салттан улам ондоп, жүздөп отуруп көз жеткис өрүкзар бактарга айлангандыр. Мындай салт грузин тууганларда да бар. Алар жүзүм көчөтүн отургузушат».**

**«Атамды көргөн дарактар,**
**Энемди көргөн дарактар.**
**Силерди кантип кыйайын».**

**«Жер күбө, жерлигинен өткөндөргө,**
**Карт өрүк күбө турат кеткендерге».**
**«Бабулда чоң терек бар,**
**Балким ал Бабур тиккен».**

**«Лейлек жергем—өрүкзарлуу аймагым,**
**Өрүгүңдүн ширинине кангамын.**
**Өмүр бою жаза турган ырыма,**
**Өрүгүңдөн ширидикти алганмын».**

Курбаналы Сабыров.

**...Анан да тоолор койну Суубашыда,**
**Федченко түнөп кеткен алп чынар бар.**
**Ким тикти, үмүт менен бир адамдыр,**
**Белгисиз бул жашоого келип кеткен.**

**Бир гана тирүүлүктөн кабар берип,**
**Кылымдап мөлтүр кашка булак агат.**
**Жээгинде шуулдаган чынар гана,**
**Өткөндүн өтмүштөрүн эске салат.**

Алтынбешиктин жеринде пейиштин ажайып бир дарагы өсөт. Ал арабстандын дүйнөгө тарпи курмасы тең келалбаган, тумандап гүлдөсө жапандардын ыйык сакурасынан кем калбаган, алмончоктой кыпкызыл болуп пышып, жердин бетин бербей мөндүрдөй төгүлүп турса табигат көркүнө төп келишкен сулуулугу бар, оозуңа салсаң өзү ээрип даамы оозуңдан кетпеген бечен, ширидиги бар, таарпи болуп тамшанткан кызыл өрүк деген керемет дарак. Туруш турпаты алтын,

мөмөсү жаңга бергис пейиштин ашы. Сөөгүнөн тартып танасына чейин сатсаң пул. Кыпкызыл болгон жыгачынын баалуулугун айтпа, комуздун керемет үнү ширин өрүктүн турпатынан чыгат. Шириндик менен мукам үнду дүйнөдө сейрек кездешчү өрүк дарагына берип койгонун карасаң. Элинин кең пейил, меймандос, ширин пейил мүнөзүн, какыраган жердин көркүн ушул ысыкка чыдамдуу, сууну аз ичип, көп жашаган өрүк ачып, алтынбешик тукумдарына өмүр гүлазыгын тартуулап, жерине көрк болуп турганы адам табигатты өзү жаратып, табигат адам үчүн кызмат кылаарын катаал кыйынчылыктарда эриш-аркак, бири-бирине жардамга келээрин өткөн жана бүгүнкү жашообуз көрсөтүп турат. Али элде турмуш тажрыйбасынан улам айтылып калган өрүк жөнүндө кеп да бар:

«Бак кылсаң өрүк тиктин,
Зарыксаң отун болоор.
Ач калсаң азык болоор,
Сатсаң пул болоор
Короон толо кой болоор,
Байыйсың анан, той болоор».

Айтор, кызыл өрүктүн баркын, элде жок наркын ата-бувалагыбыз тээ илгертеден ушинтип көтөрүп келишкен. Элдин башына түшкөн каатчылык, мапаа, согуш жылдары, ачарчылык жылдары босогону аңдыган ажалдан аман алып калган, жарды-жалчылардын азыгы ушу өрүк мөмөсү экени адамдардын эсинен алиге дейре чыга элек. Орус туугандарга алаамат жылдары картөшкө нан болуп берсе, алтынбешик тукумдарына өрүк өмүр гүлазыгы болуп, ошонон улам жогорттогу санат ырдалып калган көрүнөт. Улуу муундагы карыларыбыз бизге сабак болсун деп айтып калышаар эле: «Өрүк адамды куваттуу кармап, тээнинди таза кылат. Кара баарда өрүк гүлү (компот) кайнатып ичкиле демдүү жүрөсүң. Кышында өрүк куруттан эзип, бетине сары май куюп ичсең адамды ток кармап, суук өтпөйт. Эрте менен чайда өрүктүн кагынан же муундарыңды сары суу албайт. Тууттан чалынган аялга же малга өрүктүн кагын кайнатып бер, тазаланат.» Бул ошо турмуштук тажрыйбалардан улам келип чыккан элдик табыптардын, жалпы эле алтын бешиктиктердин кеңири колдонуп, бирине-бири үйрөтүп келишкен табылгалары. Чынында эле кызыл өрүк жаңга бергис көп кырлуу тамак, алыс сапарда төгүлүп-чачылбаган жол азыгы,



аял затынын ак дасторконунун көркүн аччуу, өрүктөн жасалган шириндиктер: (өрүк курут, өрүк компот, өрүк варение, баргек тизме, данек тизме, куурулган данек). Айтор өрүк дарагынын туруш турпаты алтын дебедикпи, жыгачынын баалуулугу не бир чебер усталарга табылгыс материал. Өзү сүйлөчү комуздан тартып үй буюмдары ,дыйкандын абзал эмеректери, чебер уздардын куралдарыга дейре жасалат. Ал элдик медицинада өрүк отундун алоо чогун сандалга салышып бел ооруута, бут ооруута даба кылып келишкен.

«Өрүктүн чогу, кыктын чогу,
Дартка тийчү дабаа огу» дешет өрүктүн кадырын билген элде.

Айтор, күнөстүү Баткен жергесинин байлыгы табигат тартуулаган алтындай кызыл өрүгү. Барган сайын бутагын саябандуу жайып, таарпи чет жактарга чейин жетип коңушулаш өлкөлөрдүн кызыгуусун арттырууда. Өткөн 1995-жылдын августь айында «Манас эпосунун 1000 жылдык» маарекесинде Таластагы бүткүл дүйнөлүк форум-ашка катышып, өзүнүн көп кырлуу керемет жактары менен «өрүкпүсүн өрүк» деген баага татып кайтты.

Кези келгенде элдин, жердин даңкын эр азаматтар чыгарат дегендей, мына эми кел-кели келген экен чет жактагылар Баткен десе-өрүк дешип, өрүк десе-Баткен деп түшүнүшүп, мына ушу сыймык табигат өзү энчилеп берген өрүк дарагы менен Айгүл гүлү аркалуу келип отурбайбы.

Замандаш, өрүк гүлүнү көргөнсүзбү? А Айгүл гүлүнүчү? Табигаттын ушу кунарсыз, сууга таңкыс жери үчүн дүйнөнү түгөл кыдырып чыксаң да эч жерде кездешпеген өрүк гүлү менен Айгүл гүлүн тартуу кылганына бир туруп таңсын, анан туруп сыймыктана ыраазысың. Чынында эле апрель айынын орто ченинде өрүкзарлуу күнөстүү өрөөндөрдү (Лейлек, Баткен, Кадамжай) чылк гүл каптайт. Ак булуттар жерде тумандап жаткандай элестейт. Баарынан да Баткенде өрүкзар чарбактар ушунчалык гүлдөйт дейсиң. Айгүл, бадамы тоодо өрүгү чөлдө. Жылда өтчү «гүл майрамы» да апрель айында белгиленип, ушул айда өрөөн чылк гүлгө бөлөнүп жатып калат. Баткендиктер меймандын ушул айга чакырышат. Айгүл, өрүк гүлдөгөн маалга «бир келип, биздин гүлдөрдү да көрүп кетиң?» дешет. Мындай терең караган

адамга алыскы Жапандардын ыйык Фудзи (Фудзияма) тоосундай эле элестейт Баткендин Айгүлтоосу. Чынында эле апрель айында Баткендиктер улуу, кичүү дебей Айгүлтоого чыгышат, аппак пушту ыраңдуу өрүкзар чарбактарга барышат. Кийин барып-барып Баткендеги Айгүлтоо ыйык жерге айланат. Адамдар ыйманын тазартуу үчүн жылына бир жолу айгүл гүлдөгөн маалда чыгып туруунун максат кылып коюшат. Жапандарга сакура дарагы кандай касиеттүү болсо, алтынбешик тукумдарына табигат өзү тартуулаган өрүк дарагы ошондой касиеттүү. Бул өрүк дарагын кайыбынан периштелер апкелишкен деп да жүрүшөт. Балким, бул аңыз чындыр, аны турмушубуздан аңдап, билип деле жүрбөйбүзбү. Болгонимиштин бир учкунун чындык да коштойт эмеспи.

Илгери... илгери, кай замандарда экен ушу Каңсыктын (Баткен) какыраган боз шыбак баскан ай талаасында закаштуу камыш баскан булакты бойлото эл жашаптыр.

Бүбүгүл аттуу кемпир ушул айылга келин болуп келип, бу дүйнөдөн арттырганы жалгыз уулу Арзыбек болду. Күйөөсү Бекташ жоо колунан мерт тапканда төркүнүнө кетпей, жаштык өмүрүн Арзыбегине арнап турмуш күтпөдү. Жылдар өтүп жалгызы эр жетип үйлөндү. Кемпирдин көп жылдар күткөн үмүт, тилектери орундалып, көңүлү тынып телегейи тегиз болгонсуп үйүнө батпай жүрдү эле, күндөн күн, айдан ай өтүп, жаңы келген келининден өнөр чыга баштады. Отурса опок, турса сопок болуп, кылдан кыйкым таап, эзели бетин жарып тиктебеген уулу сөзүн кайырып гороңдочу болду. Жүрүп-жүрүп тажаал келин Бүбүгүлдү жулмалап, үйдөн кууп чыккан күндөргө да жетти. Гөргө батпас кемпир акыры бир күн күйөөсүнөн калган эски агылга көчүп чыкты. Мурда жалгыз уулу Арзыбек медер эле. Эми кулак, мурун кескендей өзү жашап калды. Уулу тамак, башына да карабай келини көрөргө көзү жок, небирелерин болсо түк жолотпойт. Коңушу кылондукуна кирсе да койбойт, «мени жамандап чай ичесин» деп . Бүбүгүл кемпир күн ашкан сайын чүнчүп, көңүлү чөгүп, тамагынын табы жок тез-тез төшөк тартып ооручу болду. Түн терметип уйку бетин көрбөгөн күндөр өтүп жатты. Ушунумду бирөөнүн эшигинде бозортпойун деп, жаштыгында ойноп, күлбөгөнүн эстесе оозунан көк түтүн чыгып кыйлага ичинен сыздап онтоп алат. Коңшулар кемпирдин кыйладан бери көрүнбөй төшөк тартып жатып калганына «кантти бечара, жылуу, жумшак тамак жебей



өлбөдүбү. Убалы уктатпасын бечаранын. Же бир бала жаныбар кабар алса. Кудаа кааласа эрте эле балдарынан көрүшөт, шашпасалар!» деп, түн киргенде тамак-ашын көтөрүп, уурданып кабар алышчу болду. Бүбүгүл кемпир коңушуларын алкап ыраазы. «Жаман балага кор, зар болгондон көрө, туубас өткөнүн оң» деп, кудаага наала кылып зарлачу болду. Эч нээрсени көрбөй эки колу төбөсүндө кеткенине арман кылчу болду.

Күн артынан күндөр өтүп жатты. Тажаал келин коңушулардын түн жамынып кирип жүрүшкөнүн билип калып бир эки жолу кууп да чыкты. Эми кемпирге эч ким кирбечү болду. Башында бир кумура суудан башка наар алганга тамак да калбады. Кемпир өлүмдү гана күтүп жата берди. Өзөгү үзүлүп, көзү карарып барат. Түн ортосуна дейре уктай албады. Ачкалыктан көңүлү азып, эстен тана түштү. Кыялатта эки адам эшиктен киргенсиди. Коңшулар окшойт, бечаралар, кабар алышканы келишкенби?» деп сүйлөгөнгө да алы келбеди. Эки адам аяк жагына отурушту.

—Жалгыз уулум деп жүрбөдүбү, бечара.
—Буга кандай жакшылык кылсак?
—Тирүүсүндө пейиштин ашынан таштап кетсек кантет?
—Жакшы кыласын, ала келдиң беле?
—Ала келгем. Пейиштин замзебар мөмөсүнөн терип алдым эле.

—Бечара аял, жакшылык көрбөй, жок дегенде тирүүсүндө шириндикти татсынчы.
—Ойготолубу?
—Жок, оозуна салып, калганын жанына таштап кетели.
—Бул аял канча жашайт?
—Пейиштин ашы түгөгүчө.
—Бул аялга жакшылык күн буюрбаптыр да, аттиң!

Кемпир көзүн ачалбай дагы эле кыялатта. Оозуна тоголок бир нээрсе салынды.

—Кеттик. Мөмөнү баш жагына коюп кой, өзү алып жейт.

Эки адам азга элес берип дабышсыз чыгып кетишти. Бүбүгүлдүн тамагы кургап, шилекейи катып калган болчу Баягы тоголок нээрсе оозунда ээрий баштады. Кичине наар жуткансып кыңкыстады. Ушунчалык ширин даамды бир эки жолу ирмеп ары жутту. Азга шалдырай түшүп, муздап бараткан денесине жагымдуу бир нээрсе жүгүргөнсүдү.

Каткан тили жумшарды. Эсине келип, жанагы кыялатта өңү же түшү экенин билбеген элестерге тообо кылып келме келтирди. Оозундагы тоголок ширин нээрсенин эмне экенин билбей ууртунда ары-бери тоголотуп тамшана шорот. Мындай шириндикти өмүрү татып көрбөгөн. «Тообо кылдым!» деп таң калат. Колуна алып көргүсү келет. Көзгө сайса көрүнгүс караңгыда нени көрөт. Шимип жата берди.

Тоголок нээрсени эртеси көрдү кемпир. Баш жагында өмүрүндө көрбөгөн кыпкызыл мөмөнүн кагы үйүлүп туруптур. Жанагы оозундагы түн бою шимип жаткан даамдын сөөгү гана калыптыр. «Бул эмнеси, пейиштин ашыбы?» деп, жакасын кармайт. Ошо күнү төшөктөн дамдуу турду. Күнү суун бүткүчө дегендей, кудай талаадан амир болуп кемпирге ырыскы өзү келди. Сарсанаага батпай, эми эч нээрсени ойлобой деле калды. Күнүгө бирден мөмөнү оозуна салып таң кеч шимип жүрөт. Маңдайында караан болгон бала сөрөйүн деле унутту. Анын барбы, жокпу эми иши деле болбой калды. Жеген мөмөсүнүн сөөгүн жаткан жаздыгынын астына чогултуп жүрдү. Кыш бою ошо табышмактуу, сырдуу, жанда жок ширин мөмө менен эрмектешти. Кыш аяктаар маал да келип, кемпирдин наар алаар калтасы да түгөп баратты. Мына эми акыркы мөмөнү «дартка шыпаа болсун!» деп оозуна салаар күн да келди. Жанагы чогулткан сөөктөрүн алып чыкты да чалдыбары чыккан агыл-үйүнүн жандарына көмүп чыкты. Ошо ошо болду кемпир кирген бойдон кайра чыкпай дагы жатып калды. Ууртунда шимиген даамы да түгөп барат. Сөөгүн да чыгарбады, шимигенче көзүн жумуп жата берди. Кыш чыгып, өлбөгөн пендеси көгүлөмгө жетти. Кемпирдин оозундагы сөөк шилекей даам берип алып таштаган да жок, ууртунда жата берди. Анча мынча кыбырап сыртта жүргөнүн көргөн кошуналары «а бечара, өлөм деп өлөлбай, кантсин анан» деп, шыпшынып карап, тажаал келинден корунуп, кемпирдин бары, жогун унутуп деле калышты. Кийин көпкө көрүнбөй калганда гана кошуналардын аксакал, көксакалдары кабар алышканы чогулуп кириштн эле көргөн көздөрүнө ишенбей босогодо туруп калышты. Кемпир канча күн болгон ааламдан өтүп, оозунан жашыл бүгүр көктөп чыгыптыр. «Э кудая тообо!» деп отура калышып келме келтиришти. Кемпирдин сырдуу өлүмүнө түшүнө алышпай бири андайга, бири мындайга жооруп оозундагы бүчүргө тийишпей «кудаанын айтканы шундай экен» дешип сууга алып актыкка орошкондо да жууган аялдарга тийгизбей көктөгөн бүчүрдү ачык койдуртушту.



Элден айлансаболоттун мааниси шу тура. Жаман баланын мырза өтүгүнөн көрө, чарыгын сүйрөгөн эл керек дегендей, төркүнүнө кетпей көз ачып көргөн элим, журтум, кошуна-колонум деп жүрдү эле мына балалуудан гүзаара кылып жерлешти.

Ошо түнү Бүбүгүл кемпирдин жаңы торсойгон мүрзөсүндө жанагы эки караан дагы пайда болду.

—Ушундай болот деп ойлогон эмесмин. Карабайсынбы замзебар мөмөсүнүн сөөгү аялдын оозунда көктөдү.

—Бул аял жаннати болду, периштем.

—Пейиштин дарагы бу дүйнөдө көктөй бекен?

—Көктөйт, ага сен кабатырланба. Бечара аялдын бу дүйнөдөн арттырганы ушу дарак болуп, саратандын ысыгында өткөн, кеткен астында көлөкөлөп, бышканда мөмөсүн жеп дуба кылышат.

Айткандай эле ошо көгүлөм-жазда кемпирдин мүрзөсүндө бу чөлкөмдө жок дарак көктөдү. Илдибары чыккан агыл-үйүнүн жанында да көктөп, кошуналары «бул аялдын бир хысылаты бар» дешип, мал-калдан корголоп, мүрзөдөгүнү да, үйдөгүнү да ошо жаз асырап карашты. Жыл өткөн сайын баягы сырдуу дарак оожалып каттаргандан каттарип отуруп төрт, беш жылда аппак болуп гүлдөп, кыпкызыл мөмө байлады. Бажырайып ачылганда, эзилип пышканда жөн эле адамдар төгөрөгүнөн кетпей «пейиштин дарагы, пайпай шириндигин айт, пейиштин ашы!» деп тамшана жешип, «бул дарактын аты эмне?» дешип сурашчу болду. Ошондо кемпирдин кошуналары «аялдын оозуунан чыккан өлүк дарагы» дешип жүрүп, өлүк-дарагы, өрүк-дарагына айланып кеткенин кийин эчким деле элес албай кала берди. Бул ошо периштелер жалгыз калган аялдын аянычтуу тагдырына боор тартып апкелишкен пейиштин ашы замзебар дарагы кемпирдин оозунда көктөп, жанагы «жаман баланы баккандан көрө бир түп мөмөлүү дарак көктөткөнүң артык» деген таасын сөз ошо окуядан кийин айтылып калган көрүнөт.

Замандаш, бул болгонимиштин чын төгүнүн өзүңүз ой жүгүртө таразалап көрөрсүз. Бирок чындыкка жакындыгын бу оош-кыйыш турмушубуздан байкап, боор толгон, жанагындай аянычтуу көрүнүштөрдү аяп деле келесиз го.

## 5. БАЙЫРКЫ БАБАЛАРДАН ЖУУШКАН АКЫЛ, АР НАМЫС, ӨНӨР, ТАЛАНТ.

**«Улуулук жерде жатпайт».**

**«Талантка тан берип, таазим этсең да, анын турмушуна аралашпа. Ал дагы сага окшоп жашагысы келген бир адам».**

**«Улуу таланттар улуу жерде гана жаралат».**

**«Адам өмүр бою үйрөнүп отурат. Үйрөнүп отуруудан ал жаралат, анан жаратат. Үйрөнүп бүттүм деген ал адамдын жаңылыштыгы гана».**

**«Өкүнбөс болуп дүйнөдөн, өмүрүн кармап ким калды?».**

Көргөн адамдын ой кыялына да келбесе керек мындай боз шыбак баскан кунарсыз, жылаңач тоолордон башка, чөлгө окшош талаалардан башка эчтекеси жок зериктирген жерден улуу таланттардын, өнөрлүү акылман адамдардын чыгаарына. Бекер жеринен залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов уулу Аскарды алып «бу Тургунбайдын жери кандай болду экен?» деп, 1978-жылы келип кетпегендир. Ошондо улуу жазуучу, улуу өнөргө таазим этип «жериңерге элиңер жарашып, мындай жерлерге Тургунбайга окшогон таланттар бир жаралып, бир келет. Өнөрдү, талантты кастарлап, асырап келген сиздерге ырахмат! Тургунбай сиздердин перзентиңиздер! Баткен чөлкөмүнүн уулу! Жөн жер эмес экенин, бир хысылаты бардыгын келатканда эле сезгем. Бул жерлерден буюрса дагы да улуу таланттар, өнөрлүү адамдар чыгат. Тургунбайга айтып барам «сен кандай гана керемт жерде төрөлгөнсүң!» деп.

«Тообо, жазуучу экен да, бовосо бу какыраган жердин эмнеси чырайлуу көрүндү ал кишиге?» дегендер да болду. «Элди, жерди өнөрлүү адамдын көзү менен кара» дегендей бизге суусуз чөл көрүнгөнү менен жазуучуга не таасирлерди калтырып, биз барк-баасына жетпеген көрүнүштөргө сугун артып толкунданды, эргиди.

Оо, бул өрүктүү өрөөндөр даңкы таланттар менен коштолуп, өнөрлөр менен даңкталган! Ырамагылык Жоомарт



Бөкөнбаев жапжаш курагында, 1927-жылы Баткен жергесине келип, «жер алган кедейлерге» деген ырын жазган десек ким ишенет. Каңсык менен Актурпак айылдарынын аралыгындагы Төөташ чөлүнүн ысыгында, саябандуу арабада баратып,

«Саратан сайрайт,
Күн кайнайт.
Керимсел жүрүп,
Жел айдайт» деп ырдаган ыры ошо учурдагы

как эткен карга, кук эткен кузгун жок Баткендин лейлиген жазыяван ысыгын элестетип турса, окуган адам бул Баткен дейт. Чын, Жоомарт Жалал-Абадта окуп жүргөндө Баткендик достору менен келип бир ай жашап, эл жери менен таанышып, таасирленип кеткен. Аны көрүп калган көзү тирүү адамдар азыр деле эскеришет. «Тармал чач, орто бойлуу, сулуу жигит шапкесиге өрүк терип алып көчөлөрдөн көп жолукчу.» Демек Жоомарт өрүк пышкан маалда, саратандын чызыраган ысыгында келген. Жаңагы акындын Зайнидин деген уулу Баткендик досунун урматына койулгандыгын, аны уулу билеби, жокпу Жоомарттын замандаштары көп эскеришчү баема сөз беттеринен.

Дагы бир кызык жери Жоомарт Баткендик таанышдостору менен сүрөткө да түшүшкөн экен. Учурунда барк-баасына жетпей жаштык кылганбызбы, же маани берген эмеспизби, 1967-жылы райондук «Кызыл туу» гезитине ошо сүрөт жарыяланган болчу. Ортодо тармал чач Жоомарт, колунда шапкеси, тегерегинде турган, отурган адамдар. Эсимде калганы бөрү ичик, түлкү тебетейчен, мурутчан адам, колунда бүктөлгөн камчы. Чагымда Каңсык болушунун атка-минерлеринен окшойт, четте өзүнчө бөлүнүп турат. Кийин ал сүрөт жөнүндө сексенинчи жылдардын аягында сүрүштүрүп жүрбөймүнбү. Мезгилинде маани берип гезитти, же түп нуска сүрөттү алып калбаганыма азырга дейре өкүнөм.

Айтор, күнгө тосуккан кызылы кызыл, агы ак өрүктүү өрөөндөрдүн атын алыска кетирген, даңкын далайга жеткирген, көкүрөгү көлкүгөн өнөрлүү, таланттуу атуулдарыбыз байыртадан эле чыгып келишиптир. Баягы эл оозундагы легандарлуу акын Токтогул ырчыны кимдер гана билбейт. Көрсө ал деле Баткендин Бужун айылынан экендиги эл оозундагы далилдерден, ырларынан, даңктуу соодагер Сай-

дали-Карван деген адамдын уулу экендиги, Амир Темирдин атасы Торгой менен дос экендиги, Токтогулдун сүйгөнү Акмырзаханумдун айынан ырчыны Темир такка отурганда дарга асып өлтүргөндүгү кийинки биздин күндөрдө аныкталып отурбайбы. Анын таасын-таамай ырлары тээ замандан заман өтсө да элдин көкүрөгүндө экен. «Эл түгөнбөгөн казына» деген маани ушу кастарланып келинген Токтогулдун ырлары да:

«Өткөнгө өкүнбөгүн,
Өмүрүң аккан дайра.
Үмүттү өчүрбөгүн,
Бул күндөр келбейт кайра.

Кеткенге кейибегин,
Келдиңби бир күн жоксун.
Тирүүлүк шарданынан,
Атылып кеткен оксун.

Тагдырга тарынбагын,
Жазганын көрөт пенде».
Өлүмдү моюнга ал,
Калабыз бир күн жерде.

Көрсө улуу таланттарды эл баалап, эл баппестеп, эл асырап келет экен го. «Жүрөктөн чыккан ыр, жүрөктөргө жетет» дегендей, «улуулук жерде калбайт, алтын заңдабайттын» мааниси ушу Бужундук Токтогул ырчы, кийин ушул эле Бужунда төрөлүп Созокко (Сузак) көчүп кетишкен Парпи ырчы да. Кылымдар өтөлгөсүндө кайталангыс эки акынды элдин бактысы кылып ушу күнгө тосуккан Баткен жергеси берип, эне алтын бешигинде бапестеп өстүргөн.

Парпи ырчы өлөөр өлгөнчө Баткен эли менен карым-катнашын үзгөн эмес. Аш-тойлоруна атайын чакырылып айлап туруп кетчү экен. Парпи ырчынын Султанмурат миңбашынын тоюнда ырдаганын азырга дейре айтып түгөтүшпөйт. Жасалгалуу аттын ээрине илинген үкүлүү тебетейди бир күн кечке ырдаган дешет. Ошондо өзүнүн теги Бужундук экенин да ырдап, элдин эсинде калыптыр:

«Төрт үйлүү дөөлөс тукумун,
Гездирип жердин учугун.
Асырап бизди келиптир,
Гунндардын жери Бужугун.



Эл, жердин көрдүм кызыгын,
Бузугун да, түзүгүн.
Бабаларым сөз кылган,
Жериме келдим Бужугун.»

Парпи акындын шакирти Тайирбек ырчы да ушу Баткендин Булакбашысынан көчүп кетип шу күнгөче аш-тойлордо карым-катнашын үзбөй келет. «Элдин даңкын эр көтөрөт» дегендей кайсы эл болбосун анын туу туткан ар намысын, сыймык курар көрөңгөсүн эр азаматтары, уул-кыздары көтөрөт экен го. Мезгилинде дүйнөнү түгөл багынтам деген жахангир полководец Аксак Темир алтын бешикте торолгон багынбас тоо шумкарларына тан берип, аларды айыгышкан салгылашууларга пайдаланып, өлөөр алдында васият дептерчесине минтип жаздырткан сөздөрү калыптыр: «Өмүрүмдө колго түшүп бербеген жанда жок шамдагай эр адамды да жолуктурдум. Ал кымбат турагын жандан артык көргөн тоо шумкары атанган Камареддин болчу. Эркиндикти колу менен кармап көргөн жан эле.»

Талантка, өнөргө, ар намыска таазим этkенде сөзсөз анын эли жери эскерилет эмеспи. Көрсө түптүү элдин таги задына байыркы жердин баркы, көркү жуурулушуп, өткөн бабаларыбыздын акыл куту жуушуп, анан бышып чыйралган азаматтар, элдин, жердин керегине жараган уул-кыздар чыгышат экен го. Ырамагылык «Манас» эпосун толук изилдеген акын агабыз Кубанычбек Маликов да арзуу менен жетимишинчи жылдардын ортосунда бабалары өткөн Баткенге келип «Байыркы бабалар жеринде» деген ырлар цыклын жаратып «менин да бир Баткенчи болгум келди» деп ырдап кеткени бар. Кукем айткандай Төкөлдөш, Бөкөлдөш аттуу эгиз балдар ушу Баткенден ооп барып Бишкектин чеке белинде туруп калышат. Алиги Төкөлдөштүн төрт кызы дегендей азырга дейре Сабира Күмүшалиева эжебиз «мен Баткендин кызымын» деп жүрөт.

Айтор Чыкем айткандай бул жерлердин бир дөө, шаасы бар. Кыдыр түнөп, кут түшкөн бул айтылуу өрөөндөрдөн «ай - гай» салган баатырлар, эр таймаш эрөөлдөрдө мөөрөй алып берген жоон билек палвандар чыккан. Той-тамаша, аш берселер ак таңдай ырчылары коштоп, ат үстүндө ойногон улакчылары жер дүңгүрөтө намыс талашып, бир танабында палвандары жер майыштыра таймашып, айтор, Манас

доорундагы салт-кайдалар алтын бешик урпактарында уундан-муунга уланып жеткенине ынанасын, ыраазы болосун.

Кошой палвандын урпактарынын даңкы дагы эле Лейлек тарапта «Токтош палван династиясы» делинип, палвандар эстафетасы өткөн жылы белгилүү Баяман палвандын демилгеси менен Лейлекте Абдырахман палвандын, Баткенде Үсөн палвандын атуулдук пайгелери өткөрүлдү. Мындай салт кайдалары байыркы гректердин спартандык эр-азаматты тарбиялоосуна окшоп кетет. Чынында эле ата бувалаыбыз өнөр, талантты, баатырдыкты, талт оюндарды кастарлоо менен элдин биримдигин, бекемдигин, жеңилбес туруктуулугун чындоого жогорттогудай оюн-зоок машыгуулары менен тарбиялап келишкен.

Замандаш, Тургунбай Садыковдун Бишкектеги залкар айкелдерин көрбөгөн кыргыз болбосо керек. Ташка баткан элестер кудум эле ушу өрүктүү өрөөндөрдүн жылаңач, табигат өзү түркүн түскө боёгон тоолорунда турат. Карап туруп бул тоо, таш жөнөкөй эместигине ынанасыз. Тургунбай абабыздын «бала эмизген энеси» айкелчеси ошо аскадагы үңкүрдө термелген алтын бешиктен улам алынса керек. Жаш кезинде энеси жомоктоп кулагында, көкүрөгүндө ошо элес калган көрүнөт. Анан да тагдыр өнөрү буюруп Кан Манастын турпатын ташка чегүү келип-келип баатырдын урпагы болгон Тургунбай абабызга берилгенин кара. Кудум эле айкөлдүн жандап жүрчү ырчысы Ырамандын ырчы уулуна окшоп, атактуу айкелчи Манас бабасы менен кошо жашап бул күндөргө жеткендей.

Айтор ары карасак да, бери карасак да байыркы жерге бак конорун, аккан арыка суу келерин элес алдыкпы, албадыкпы мамыры-маашайыктар (Токтогул бува) айтса «э кой каяктагы жомогуңду» деп келгендирбиз, ким билет. Бирок, кел-кел ооматы өрүктүү өрөөндөргө келген, талант, өнөр, ар намыс, ариет, абийир, ыйман кошо келген. Аны Манас бабабыздын айкөл-турпатынын Каратоо өңүрүнө келгенинен билсек болот. Аны да «аганы көрүп ини өсөт, аганын жолун ини улайт» дегендей өнөрдүк колдоочусу, күйөрманы таланттуу жетекчи Гыламидин Абдырахмановдун чалыкпас, кажыбас иш аракеттерине байланыштуу, Агасы Тургунбайды колтугунан бир паана көтөрүп койду десек аша чапкандык эмес.

Жараткан өзү жар болгон экен, Кан Манас ата конушуна келди. Кудум эле Каратоодон Анжиян тараптагы Алоокенин



жолун тороп кырк жигиттин баштап бараткандай тарнзде.

Оо, бул улуу өнөрдүн кудрети, чалыкпас эмгеги. Мээнет акыбетин абабыз жакшы эле көрдү, кыргыз эли алаканына, көтөрүп «Тургунбайсыңбы... Тургунбай!..» деп келишет.

Мына эл, жер ооматы дагы эле көтөрүлүүдө. Аны Тургунбайдын ука-карындаштары улашууда. Өрүктүү өрөөндүн ташка тамга баскандай талантары кыргыз эл артисти, казак республикасынын эмгек сиңирген артисти Саламат Садыкованын аргендей үнүн, обончу, аткаруучу, кыргыз республикасынын эмгек сиңирген артисти Апаз Жайнаковдун «кыргыз жери» аттуу обону менен атпай кыргыз журтун тамшантып кимдер гана билбейт. «Кыргыз жери» өрүктүү өрөөндөр кереметинен жаралган. Бүтүндөй кыргыз жеринин табиятынан, кан жанынан жаралган. Обондун улуулугу аскар тоодой, Баткендин ысыгындай, апапак гүлдөгөн өрүк гүлүндөй, Айгүл гүлүндөй жан жигериңе айтып бүткүс жагымдуу элес тартуулап, табигат менен адам баласынын ажырагыс гимни болуп түбөлүктүүлүккө үндөп турат.

Лейлектик белгилүү обончу Бабаравшан Тургунбаевди Хабибилла Азреткуловду, таланттуу аткаруучулар Эрмек Каримовду, Мамажан Козубаевдерди кимдер гана билбейт. Ал эми Хабибилла Баткендик акын Токсейит Доткандын сөзүнө жазылган «Айлуу түн» обонун жаштарыбыз махабаттын гимни катары ырдап келишти. Кадамжайлык белгилүү акын Эгемберди Эрматтын даңктуу «Махабат» китебин окубаган кыргыз жоктур. Аны «махабаттын акыны» деп аташты кыргыз эли. Лейлектик акын жазуучулар Курбаналы Сабыров, Атакул Жакып, Нууман Саадулла, Турабай Жоро, Мадина Тураева, Айдарали Жапар, Атакул Сати, Абдилаат Доор, көркөм өнөр, куудул китептердин автору Абдисалам Абдырахмановдун ысмын атпай кыргыз журтчулугу билет.

Баткен да таланттардын, өнөрлүү адамдардын дөө-шаа-ларынын жолун жолдошкондордон куру эмес. Айтсак Аскар Ражабали, Майрам Жоош кызы, Апыз Кочкор, Жусуп Айдартеги, Хайитали Атабаев, Гүлсүн Кимсан кызы, Токсейит Дыйкан, Абдубали Абдубайит. Лирикалуу обондору менен элди тамшанткан Кадамжайлык обончу аткаруучу Жолдошбек Мамажановду Баткендик обончу Зайирбек Султановдордун эл жери үчүн кылган эмгектери баа жеткис. Айтор Баткен элинин жарымынан көбү көркөм сүрөт өнөрүн аркалап келишет десек жаңылышпайбыз. Карабулактык Камбаровдорду сүрөтчүлөр династиясы деп аташат. Айнагүл

Садыкова, Мисират Камбар, Исматилла Камбар, Жапар Маткайым, Акпарали Туйгун, Ибрайим Гапар, Мамат Жамал. Баткендеги атактуу мечиттин чыгыштын сөөлөтүндө жаралышы сүрөтчү-архитектор Акпарали Туйгунга таандык. Өнөрлүү өлбөйт дегендей эртеңки муундарыбызга калтырчу көп максат-мурастарыбыз, жасап калтырчу иштерибиз али алдыда. Буюрса бул өрүктүү өрөөндөрдүн өнөрлүү, талантуу инсандарыбыздын аягы үзүлбөйт. Болбосо «элдик тэатыр» деген түшүнүк бөтөн жактагылардын алыскы райондо «кантип эле» деп ой кыялына да келбесе керек. А Баткенде элдик тэатыр негизделген, түптөлгөн. Анын жаралышынын бирден бир себепчилери Гыламидин Абдырахманов, Мансур Парпиевке таандык. Өнөр жерде калбайттын мааниси шу тура. Талантуу режиссёрдин келиши элдик тэатырдын багынын ачылышына байланыштуу болуп Баткен элдик тэатырынын атын алыска угузган жигит Мансур Парпиев болду. Тэатырдын репертуарлары жергиликтүү драматург Мурзапар Үсөндүн «Кызыл Топу», драмасы жана «Бөрү уюк» пьесасы, Мар Байжиевдин «Төрт адам» драмасы ж.б. пьесалар коюлуу менен байыды.

Ал эми илим, билимде, акылман ойчулдукта ат салышкан окумуштуулар, улукматтар (кандидат) борборубуздун, областарыбыздын жогорку окуу жайларында, ишкана-мекемелерин де үзүрлүү эмгектенишет. Философия илимдеринин доктору, закон чыгаруу палатасынын депутаты, Баткендик тунгуч кыздарынын бири Рахат Ачылова, тарых илимдеринин доктору, өкүлдөр палатасынын депутаты Досбол Нур уулу, физика-математика илимдеринин доктору Байыш Арапов, медицина илимдеринин доктору, кардиолог-врач Ташполот Балтабаев, улукмат окутуучулар философ Аркабай Топчуев, филолог Ибраим Абдувалиев, социолог Топчугул Шайдуллаева жана башкалар бул чөлкөмдөрдүн айтып жүрөр сыймыгы.

«Атын атаса куту сүйүнөт» дегендей районубуздан сыртта иштеп жатышкан эл башы жетекчилер, эл өкүлдөр палатасынын депутаты Мамат Айбалаев, Баратали Кошматов, Аскар, Курсан Турмаматовдор, Жунусали Абдалимов, Дастан Ходжаев, Султан, Дастан Айжигитовдор, Абдирашит Айжигитов эртеңки муундарыбыздын төл башында баратышкандыктарында талаш жок.



Ал эми билим башатынын калыптаган көзгө басар окутуучуларыбыз деле районубузда арбын. Эмгек сиңирген мугалимдер Авазбек Жамалов, Абдураим Калилов, Малик Исмаиловдор окутуучулук кесипти үзүрлүү аркалап келишет. Районубузда үч гимназия мектеби иштейт. Айтор келечектен үмүтүбүз чоң, ишеничибиз бек. Өрүктүү өрөөндөрдүн, алтын бешиктин эли жери жөнүндө айтылчу кеп сөз али алдыда:

«Баатырлар тулпар таптаган,
Бабалар нуркун сактаган,
Азамат уул, кыздары,
Апалар сүтүн актаган.
Мунушкөр кушун таптаган,
Үйүндө быкшып жатпаган.
Өнөрлүү уул-кыздары,
Өрүштүү элин актаган.

Садыктын уулу Тургунбай,
Таланты ташка батпаган.
Садыктын кызы Саламат,
Кыргыз жок атын айтпаган.
Манас бабам жери деп,
Кылымга айтып мактанам.»

## 6. ЭЛДЕН АЙЛАНСА БОЛОТ:

**«Асылдык алтында эмес, адамдын жүрөгүндө»**
(китептеги кол тамгадан.)

**«Тең көргөнду теңирим сүйүптүр»**
(мусулманчылык ибадаты)

**«Унутулган жакшылыктын кайтарымын сен ошол адамдан күтпө, ал башка бирөөлөрдөн кайтат»**

(Элден).

Байыркы элдин баскан изинде адамдын кайыр-сахабаты туралуу бир ажайып жомок айтылып калыптыр. Ал өрүктүү өрөөндөрдүн элинде көп айтылат. Бул ошо мусулман дининин элдин катмарына терең сиңип, кудай талаага топугун жазбай, бирок бей-бечараларга кайыр-сахават кылбаган адамдардан улам айтылып калган көрүнөт. Аны эл өз турмушунда көрүп анан жомокко айлантышканы байкалып турат. Жомок делингени менен анда чындык жатат эмеспи.

Бул окуя илгери.., илгери болсо керек. Бирок ошо жан соогалап бирөөлөрдөн жалдырап жардам күткөн, бирок кези келгенде бирөөлөргө жакшылыгы жок ач көз, митаам адамдар азыр деле арабызда бар эмеспи. Ошол адамдарын бирөө жортуп-жортуп жолу болбой, койгон капкандарына кашабаң илинбей ичи туз куйгандай ачышып, кападар жолдо көзүнө эч нээрсе көрүнбөй келаткан болчу. Мазарды аралап өткөн жолдо самсып, өткөндөрдүн арбагына дубай-табгир кылышты да унутту шекилди «Ох!» деп чоң ташка отурганын бир билет. Шундай эле айланасын карай салса, мазардын чок ортосунан көзүнө жаркыраган бир нээрсе чагылыша түштү. Оозуна бисмилла келбей апкаарып кыбындаган көзү жайнап кетти. «Ух, таптым, алтын!» деди. Далбактап томпойгон бейиттерди тебелегенче жетип барды. Кудай берди. Болгондо да чылк алтындан, көз уялткан кичинекей кутуча. Колдору калтырап эстен тана жаздап барып кучактай кармады. Кудум эле бирөө талашып жаткандай энтигип «Меники! Алтыным!» деп, бооруна баса калды. Жөн эле



аял затынын ак дасторконунун көркүн аччуу, өрүктөн жасалган шириндиктер: (өрүк курут, өрүк компот, өрүк варение, баргек тизме, данек тизме, куурулган данек). Айтор өрүк дарагынын туруш турпаты алтын дебедикпи, жыгачынын баалуулугу не бир чебер усталарга табылгыс материал. Өзү сүйлөчү комуздан тартып үй буюмдары, дыйкандын абзал эмеректери, чебер уздардын куралдарыга дейре жасалат. Ал элдик медицинада өрүк отундун алоо чогун сандалга салышып бел ооруга, бут ооруга даба кылып келишкен.

«Өрүктүн чогу, кыктын чогу,
Дартка тийчү дабаа огу» дешет өрүктүн кадырын билген элде.

Айтор, күнөстүү Баткен жергесинин байлыгы табигат тартуулаган алтындай кызыл өрүгү. Барган сайын бутагын саябандуу жайып, таарпи чет жактарга чейин жетип коңушулаш өлкөлөрдүн кызыгуусун арттырууда. Өткөн 1995-жылдын августь айында «Манас эпосунун 1000 жылдык» маарекесинде Таластагы бүткүл дүйнөлүк форум-ашка катышып, өзүнүн көп кырлуу керемет жактары менен «өрүкпүсүн өрүк» деген баага татып кайтты.

Кези келгенде элдин, жердин даңкын эр азаматтар чыгарат дегендей, мына эми кел-кели келген экен чет жактагылар Баткен десе-өрүк дешип, өрүк десе-Баткен деп түшүнүшүп, мына ушу сыймык табигат өзү энчилеп берген өрүк дарагы менен Айгүл гүлү аркалуу келип отурбайбы.

Замандаш, өрүк гүлүнү көргөнсүзбү? А Айгүл гүлүнүчү? Табигаттын ушу кунарсыз, сууга таңкыс жери үчүн дүйнөнү түгөл кыдырып чыксаң да эч жерде кездешпеген өрүк гүлү менен Айгүл гүлүн тартуу кылганына бир туруп таңсын, анан туруп сыймыктана ыраазысың. Чынында эле апрель айынын орто ченинде өрүкзарлуу күнөстүү өрөөндөрдү (Лейлек, Баткен, Кадамжай) чылк гүл каптайт. Ак булуттар жерде тумандап жаткандай элестейт. Баарынан да Баткенде өрүкзар чарбактар ушунчалык гүлдөйт дейсиң, Айгүл, бадамы тоодо өрүгү чөлдө. Жылда өтчү «гүл майрамы» да апрель айында белгиленип, ушул айда өрөөн чылк гүлгө бөлөнүп жатып калат. Баткендиктер мейманын ушул айга чакырышат. Айгүл, өрүк гүлдөгөн маалга «бир келип, биздин гүлдөрдү да көрүп кетиң?» дешет. Мындай терең караган

адамга алыскы Жапандардын ыйык Фудзи (Фудзияма) тоосундай эле элестейт Баткендин Айгүлтоосу. Чынында эле апрель айында Баткендиктер улуу, кичүү дебей Айгүлтоого чыгышат, аппак пушту ыраңдуу өрүкзар чарбактарга барышат. Кийин барып-барып Баткендеги Айгүлтоо ыйык жерге айланат. Адамдар ыйманын тазартуу үчүн жылына бир жолу айгүл гүлдөгөн маалда чыгып туруунун максат кылып коюшат. Жапандарга сакура дарагы кандай касиеттүү болсо, алтынбешик тукумдарына табигат өзү тартуулаган өрүк дарагы ошондой касиеттүү. Бул өрүк дарагын кайыбынан периштелер апкелишкен деп да жүрүшөт. Балким бул аңыз чындыр, аны турмушубуздан аңдап, билип деле жүрбөйбүзбү. Болгонимиштин бир учкунун чындык да коштойт эмеспи.

Илгери... илгери, кай замандарда экен ушу Каңсыктын (Баткен) какыраган боз шыбак баскан ай талаасында закаштуу камыш баскан булакты бойлото эл жашаптыр.

Бүбүгүл аттуу кемпир ушул айылга келин болуп келип, бу дүйнөдөн арттырганы жалгыз уулу Арзыбек болду. Күйөөсү Бекташ жоо колунан мерт тапканда төркүнүнө кетпей, жаштык өмүрүн Арзыбегине арнап турмуш күтпөдү. Жылдар өтүп жалгызы эр жетип үйлөндү. Кемпирдин көп жылдар күткөн үмүт, тилектери орундалып, көңүлү тынып телегейи тегиз болгонсуп үйүнө батпай жүрдү эле, күндөн күн, айдан ай өтүп, жаңы келген келинден өнөр чыга баштады. Отурса опок, турса сопок болуп, кылдан кыйкым таап, эзели бетин жарып тиктебеген уулу сөзүн кайырып гороңдочу болду. Жүрүп-жүрүп тажаал келин Бүбүгүлдү жулмалап, үйдөн кууп чыккан күндөргө да жетти. Гөргө батпас кемпир акыры бир күн күйөөсүнөн калган эски агылга көчүп чыкты. Мурда жалгыз уулу Арзыбек медер эле. Эми кулак, мурун кескендей өзү жашап калды. Уулу тамак, башына да карабай келинин көрөргө көзү жок, небирелерин болсо түк жолотпойт. Коңушу кылоңдукуна кирсе да койбойт, «мени жамандап чай ичесин» деп. Бүбүгүл кемпир күн ашкан сайын чүнчүп, көңүлү чөгүп, тамагынын табы жок тез-тез төшөк тартып оорučу болду. Түн терметип уйку бетин көрбөгөн күндөр өтүп жатты. Ушунумду бирөөнүн эшигинде бозортпойун деп, жаштыгында ойноп, күлбөгөнүн эстесе оозунан көк түтүн чыгып кыйлага ичинен сыздап онтоп алат. Коңушулар кемпирдин кыйладан бери көрүнбөй төшөк тартып жатып калганына «кантти бечара, жылуу, жумшак тамак жебей



...Элден айланса болот. Жаманыңды жашырып, жакшыңды көкөлөтө ашырып, башыңа иш түшсө көмөктөш, тилектеш болуп, кыйын-кысталышта жардамга келип, ач-жылаңачта тапканын кошо бөлүшүп, муңдашың да, сырдашың да, көңүл улоочуң да эл экен. Али тууган туушкан араздашып калса «Э элден калбайын» деп калышканы жакшылык, жамандык иштериди эл көтөрүп, башыңда, кашыңда болушуп, жеңилинди жерден, ооруңду колдон алышат. Мына ушунан улам мен жалгызмын, мага каралашар эч ким жок деген сөз бу өрүктүү өрөөндөрдүн элинде айтылбайт. Жамандык, жакшылык иштеринде айыл дүрбөп, коңушу-колондоруң аягы менен тик туруп беришет. Мына ушунун өзү адамдагы ыймандын эң бийик кайыр-сахабаты. Чын, эл өзүнү өзү таразалап турат. Кимдин кандай жашап аткандыгын көрүп турат. Али билегинде күчү бар, алты саны аман туруп тилемчи, сурамчылык кылгандарга «буга окшогонго кайыр кылсаң бергениң макир (арам) болот, онон көрө барып иштебейсиңби?» деп, жаман көрүшөт. Ал эми улуу, кичүү, кары-картаңдардын, аял кишилеринин өз ордулары, аларга жасалчу мамилелер элдин да, коомдун да как эле жүрөгүндө. Өздөрүнө жараша камкордуктар, сый-урматтар ар тараптуу жардам көрсөтүүлөр, тубаса майыптарга, оорукчандарга, айрыкча сейрек тартып баратышкан ардагерлерге ар тараптуу жеңилдиктер, камкордуктар элдин, коомдук өзүн-өзү асыроодогу урмат көрсөтүүдөгү ыйман ыкластары.

Элден айланса болот. «Тең көргөндү теңирим сүйүптүр» дегендей, кечөөкү ооц-кыйыш заманыбызда кимдин ким экендиги билинбедиби. Элде жакшысы да, жаманы да болот экен, бирок ошону койнуна алып жээрибей өзүнүн катарында батырып жүрүшкөндөрү бул элибиздин кең пейилдүүлүгү, бооркердүүлүгү, «жакшысын бизге ким берет» деп, таалим-тарбияга алган камкордугу, кечиримдүүлүгү экен го. Өткөндөгү аялдар жылы менен карылар жылы элдин эсинде калаарлык камкордуктарга бөлөнүп урмат-сыйлар көрсөтүлдү. Айрыкча карылар жылы зор салтанат менен белгиленип, кары-картаңдарга мекеме-ишканалардын жетекчилери жакындан жардам көрсөтүүгө өтүшүп, элдин элдүүлүгүн дагы бир жолу көтөрүп коюшту. Бул ошо адамдардын бири-бирин таштабаган кайырымдуулугу, элдүүлүгү, эртеңки муундарыбызга кайыр-сахабаттуулукту үйрөтүп барчу нарк насилдүүлүгү. Айтор, элден айланса болот. Эч качан жакшыны жаман

кылган эмес, жаманды жакшы жолго баштаган. Азыр эми калдайган калың эл жакшы жашоого бирин-бири үндөгөн учур. Кези келер, бул чөлкөмдөрдөн да даңктуу миллионерлер, банкирлер, колунда бар инсандар чыгышар. Алардын сөзсүз кайыр-сахаваты элине, жерине тиет. Сорос фондуна окшогон, эл үчүн кам көргөн адамдардын чыгышы сөзсүз боло турган көрүнүш. Жогорттогу ачкөз байга окшогондор биздин өрүктүү өрөөндөрдүн элине жат. Жараткан да «бергенге берем» дейт экен. «Кең пейил берешенге нурумду, кутумду төгөм» дейт экен.



## ДАМАМАТ БАР БОЛ, БАЙЫРКЫ БАБАЛАРДЫН КОНУШУ!

### (ЭПЛОГ ОРДУНА)

**«Баткен жергесиндеги ийгиликтерди көрүп туруп, чыныгы реформа ушул жерде жүрүп жатканына ынандым».**

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри,

АПАЗ ЖУМАГУЛОВ.

**«Бир кем дүйнө жашооңдун ооп-кыйыш белестеринде дайыма кездешчү нерсе, бирок кыска өмүргө кабылып, көп нерсээни бүтүрө албай кеткенден армандуусу болбос».**

Өтөлгөлүү өмүрлөр жашоосун улап келишет бул жерлерде. Мезгилинде Токтогул-бува ушул Манастын айкели конгон кызыл жошолуу кырдан карап туруп «оо, бул какыраган талаалардан саябандуу бак көрүндү көзүмө, катар-катар ак тамдар көрүндү көзүмө. Эли, жериме оомт келер күндөр алыс эмес. Жөн койгула, жайлуу жер издегендер кете беришсин, бирок айланып кайра келишет» деген экен. Мына ошо алкымы пак, алысты көрө билген адамдын айтканы бул ээн жаткан жерлерге «кел-кел» ооматы жылдар өттүбү, кылымдар өттүбү мурда көрүп кеткен адамдарга таанылгыс болуп өзгөрдү. Жер иштетүү, катаал жерлерди өздөштүрүү, анын ысык, суугуна, бар жогуна чыдоо жагы элдин туруктуулугуна, өжөрлүгүнө байланыштуу болуп, Манас баатырдын «чоң казатка көргөн камылга-даярдыгынан ашып түшкөн иштер бүткөрүлүп, Кадамжай районунун учу-кыйры жок Бүргөндү талаасы, Лейлек районунун «Кулунду», «Арка» өрөөндөрү, Баткендин Чоң талаа, Чек, Кызылбел чөлдөрүнө Төрткүл суу сактагычындай, Бүргөндү, Арка каналдарындай иштер бүткөрүлүп, жашыл бактуу өрүктүү өрөөндөргө, айыл-кыштактарга айланды. Баткен аймагында мурда 1965-жылы 27 миң калк жашаса ушу Төрткүл көлүнүн шарапаты менен бүгүнкү күндө өркөнү өскөн калктын саны 75 миң адамга жетти. «Төрткүл» көлүнү «достуктун көлү» деп бекеринен

айтышпайт. Мында отуздан ашуун улуттардын өкүлдөрү бир казандан аш ичишип иштеп бүткөрүшкөн.

Көөнөрбөс жердин көркү мурда деле ушундай болуп, бакшактуу айыл кыштактар жыш болуп, Булакбашыдагы жалпак тамдын үстүнө чыгып секирген улак аягы Карабулакка жетип ээси сүрүштүрүп сурап жүрүп отуруп айылдын этегинен таап кетчү экен. «Эл айтса калп айтпайт» дегендей «турган нээрсени бир күндө түз кылып таштасаң изи да калбайт» дешет. Айткандай өтмүш жаңырыгына кулак төшөсөң бул жерлерге канча жолу жашоо келип, канча жолу жоо колунан майкандалып түз кылынган. Мына ошо байыркы бабалар жерине, алтын бешиктин урпактарына оомат бул заманда кайрадан келди. Кайра жаралуунун, кайра баштан түптөлүүнүн реформаларын бул өрүктүү өрөөндөрдүн эли да баштан кечирип алгач түшүнүп-түшүнбөгөн, бир бүтүмгө келалбай баш-аягы жок түшүнүктөрдөн караандай эл кыйналып барып, азыр эми көзгө көрүнгөн айкын жолго түшүштү. Оо, буюрса, көздөгөн максаттарынан тайбай кажыбас кайрат менен иштешсе бабалары кан, бек, баатыр өткөн бул элдердин адамдары байып, жери гүлгө айланат.

Белгилүү тарыхчы Иакинф Бичуриндин кытайдын император сарайынан алып которгон тарыхында Даваан (Фергана) падышачылыгында биздин заманга чейин жетимиштен ашык шаарлардын, ордолордун болгондугун жазат. Буюрса ошо биздин доорго чейинки Манас курган ордокалаалар кайрадан калыбына келип, бул чөлкөмгө туш-туштан туристтик соода жибек жол каттамдары төгөрөктүн төрт бурчу менен байланыштырып, Баткен—Париж, Лондон—Баткен, Лейлек—Нюйорк, Кадамжай—Пекин деген жүргүнчү лайнерлер учуп, конуп турчу күндөр алыс эмес.

«Ылайым эле өркөнү өскөн эли жерибизди суук көздөн сактап, ыйман күткөн карыларыбыз төрдөн түшпөй, уулкыздарына акылчы болуп, жаштары көздөгөндөн кайтпаган, беттегенин бербеген март, ишке дөөкар азаматтардан болуп, жерге сырдаш, доско муңдаш адамдык касиеттеринен кетпесин!» Бул эл-жерибизге эртели кеч айтылчу калайык калкыбыздын ак тилеги.

Эмне демекчи элек, элдин катарында «дамаамат бар бол, байыркы аталардын эли жери!» деген ак тилек жарлыгыбыз-



ды ыкырар этебиз! Тээ кыпкызыл аскадагы үңкүрдө бешик термелет кыйч... куйч... Эненин алдей айтканы угулгансыйт күңгүрөнгөн кызыл аскадан. Кайберен эне, бешиктен кабар алгансып, «ким келатат?» деп, кабатырлана карап турат бийикте. Кайдан жайдан мылтык «тарс!» этти. Аскадан «гүркүрөп» таш кетти. Тээ төмөндө таш тийип кызыл чие канга жоошулуп бирөө жатты. «Душманбы, кыянатчыбы, же алтынын алам деген ачкөз дүйнөкорбу? Ким болсо да бешиктин ээси жолотподу. Өз убалы өзүнө. Бешик кайра эле термелип жатты. Кызыл аска күңгүрөнүп барып эне дагы алдей айтып ырдагансыды.

Тээ көз жеткис эгин талаалуу, өрүктүү өрөөндөрдү мекендешип алтын бешиктин урпактары өмүр кечиришип, жашоо улап келишет. Үмүттүү да, сүйкүмдүү да карашканы ошо аскадагы үңкүрдө кастарлана термелген бешик. Барылдап ыйлаган бала үнү угулса «э жараткан, жар боло көр, дагы бир мекен көз жарды!» деп, сүйүнүп калышат.

**«Төрткүл» көлү, «Музбулак» коругу.**

**31. XII. 1997-жыл, 10. I. 1998-жыл.**



# МАЗМУНУ:


Кут түшкөн өрүктүү өрөөндөр,
же алтын бешик жөнүндө сөз . . . . . . . . . . . . . 3

Эр жигитти эне төрөйт, анын мекени эли жери . . . . . . 5

Мен үчүн бүгүн майрам — дос келатат . . . . . . . . . 22

Суу — өмүр, суу — жашоо . . . . . . . . . . . . . 30

Жазда келем айлыңа кызыл өрүк . . . . . . . . . . . 39

Байыркы бабалардан жуушкан акыл, ар намыс, өнөр талант . 46

Элден айланса болот . . . . . . . . . . . . . . . 54

Дамаамат бар бол, байыркы бабалардын конушу! . . . . . 59

Келишим баада.

Д. БЕРДИЕВ.
М. ҮСӨН.

# КЫЗЫЛ АСКАДА ТЕРМЕЛГЕН АЛТЫН БЕШИКТИН ЭЛИ ЖЕРИ

(КӨРКӨМ ПУБЛИЦИСТТИКА)

Редактору Аскар Ражабали.
Фото сүрөтчүсү Жоро Абдисатаров.
Көркөм сүрөтчүсү Акпарали Туйгун.
Корректорлору: Закирова Катыча,
Касымова Санталат.
Тех. редактору Эгембердиев Талип.

Терүүгө 5.02 1998-жыл берилди. Басууга 15.02. 1998-жыл кол коюлду. Типографиялык кагаз. марка. «Б». форматы 60x84. 1.32. 5 басма табак. Нускасы 3000. Буйуртма № 47. Баткен райондук басмаканасында жөнөкөй ыкма менен басылды. Баткен району, Гагарин көчөсү №10.